# БОРБОР АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУГУН КОРГОО

## Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень

«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору

№ 3 ЧЫГАРЫЛЫШЫ [октябрь-декабрь 2009 жыл]




Европа Союзу

Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR)

## *Урматтуу окурман!*

Сиздердин назарыңыздарга Борбор Азия өлкөлөрүндөгү Адам укугун коргоо маселелерине арналган маалымат аналитикалык бюллетендин үчүнчү чыгарылышын тартуулайбыз.
Мүмкүнчүлүктөн пайданалып бюллетенди кызык жана керектүү деп тапкан окумандарга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Бул бюллетень «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде түзүлдү. Долбоор Европалык комиссиянын колдоосунда Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан даярдалды.
Долбоордун негизги максаттарынын бири Борбор Азия өлкөлөрүндө адам укугун коргоо тармагында калктын маалымдулук дэнгээлин жогорулатуу болуп саналат.

Долбор Кыргызстандыгы балдардын билим алуусу, Тажикистандагы жан кечтиликтин санынын көбөйүшү, Казакстандыгы сөз эркендегин сактап калуу жана ушул сыяктуу маселелерди козгоп аларды чечүүдө сүйлөшүүлөрдү куруу мүнкүнчүлүгүн түзүп берет. Долбоордун ишкелиригинин дагы бир багыты: бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук менен байланышуу, массалык–маалымат каражаттары менен кызматташууга үйрөтүү жана журналисттер үчүн бул тармакта адам укугун коргоонун эл аралык стандарттарын, улуттук мыйзамдын өзгөчөлүлүрүктөрүн изилдөө машыгууларын өткөрүү.

Бүгүнкү күндө бул долбоор IWPR Европа , Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филлипин, Уганда, Тундук Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө иш алып барат. Борбор Азия аймагында IWPR 1999-жылдан бери ийгиликтүү эмгектенет. Бул мөөнөттө IWPR мамлекеттик сектор, бейөкмөт уюмдар жана медия топтор менен конструктивдүү шериктештикке жетишти. IWPR биринчилирден болуп жергиликтүү журналисттердин чет мамлекеттик кесиптештери менен кызматташып мамиле түзүүсүнө көмөктөш болду. Жаңы байланыштар пайда болуп, туруктуу пикир, тажрыйба, билим алмашуулар таасирдүү кызматташтыкты камсыздады. Бул ийгиликтүү ишкерликтин натыйжасында түрдүү көз караштар жана тил өзгөчөлүктөрүнө карабастан www.iwpr.net. сайтында көптөгөн биргелешкен кабарлар даялдарды. IWPR демократиянын өнүгүшү, адам укугу жана башка маанилуу маселелерди чыгылдырууга саламын кошту.

Бюллетендин ар бир чыгалырышында биз сиздерди долбордун ишкердүлүүгү менен тааныштырып, Казахстан, Кыргызстан, Туркменстан жана Өзбекстан мамлекеттериндеги адам укугунун бузулушундагы кээ бир жагдайлар жана бул аймактын өлкөлөрүндөгү адам укугун коргоо тармагындагы кырдаалды объективдүү чагылдырууга аракет кылабыз.

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:


03 ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ:

11 КЫРГЫЗСТАНДАН АКТУАЛДУУ МАЕК

18 КАЗАКСТАН:

**Массалык маалымат каражаттарынын укугун жактаган, укук коргоочулардын пикиринде, жаңы мыйзам журналистердин бийликке жагымсыз болгон фактыларды ачуу мүнкүнчүлүгүн чектейт.**

**Казакстандын чыгышында кул кармоо моодага айланууда.**
*Үйсүздөрдү уурдашып кул катары иштөөгө мажбурлашууда.*

22 КЫРГЫЗСТАН:

**Кыргызтандын мектептери учун Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук негизги проблемага айланууда.**
*Айрым талдоочулардын айтымында, тартип бузган өспүрүмдөр өз айлана чөйрөсүнөн көргөнүн жөн гана туурап жатышат.*

25 ТАДЖИКИСТАН:

**Таджикистан: кары картаңдар жашоо үчүн күрөшүүдө.**
*Жарыбаган пенсия акысы жана эмген маянасынын төмөндүгү кары картаңдардын суукта жана ачкалыкта жашоосунун себеби болуп калууда.*

**Тажикстан: мурда соттолгон аялдардын иш издөө көйгөйү.**
*Жакырчылык жана соттолгон аялдарга болгон коомдук мамиле Пенитенциярдык мекемелерденден бошотулган аялдардын кайрадан абакка алынышынын бирден бир себеби болуп калууда.*

29 ӨЗБЕКСТАН

УКУК КОРГООЧУ БИР ЖЫЛГА АЗ ОТУРАТ

30 ТУРКМАНИСТОН

ТУРКМЕНСТАНДА АЗЫРЫНЧА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ ҮЧҮН ОРУН ЖОК

# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## *Тегерек стол ««Орто Азядагы укук коргоочу интернет-демилге жана он-лайн журналистика»*

*2009-жылдын 24-ноябрында Бишкекте «Орто Азядагы укук коргоочу интернет-демилге жана он-лайн журналистика» деген теманын алдында тегерек стол болуп өттү.*

Бул иш чара Европалык комиссия тарабынан каржылануучу «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан уюштурулду.



Тегерек столдун Кыргызстандан, Казакстандан, Таджикстандан жана Өзбекстандан келген катышуучулары Борбор Азия чөлкөмүндө Интернет-сөз эркиндигинин деңгээли тууралуу пикир алмашышты. Чөлкөмдөгу мамлекеттерде бул маселе боюнча жалпы абалды талкууга алышты.

Internet world stats (www.internetworldstats.com) тын 2009-жылдын сентябрь айындагы статистикалык маалыматтарына ылайык Борбордук Азия өлкөлөрүндө Интернетке кирүү деңгээлинин көрсөткүчтүрү төмөндөгүчө :



**Казакстан – 14,9 %**




**Кыргызстан – 15,6 %**



**Таджикстан – 8,2 %**



**Туркмөнстан – 1,5 %**



**Өзбекстан – 8,9 %**

Ошондой эле эксперттер интернетте укук коргоо демилгелери жөнүндө айтып беришип, маалымат таратуунун эң соңку чебер ыкмалары жөнүндө пикир алмашышты. Журналистер бүгүнкү күндүн көйгөйү болгон он–лайн журналистиканы өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын талкуулоону сунушташты.

Интернеттин региондогу мамлекеттер арасында жана мамлекттер ичинде бирден бир маалымат алмашуу каналына айлануусун эске алганда, бул сунуш долбоордун заманбап жана пайдалуу булактарынан боло алат.

Тегерек столдун катышуучулары-мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, журналистер, депутаттар жана коомдук жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү болушту.

Кыргыз парламентинин депутаты Алишер Сабиров Орто Азия малекеттеринин ичинен Интернет Кыргызстанда активду өнүгүп биринчи орунда тургандыгын баса белгиледи, жана бул боюнча өзүнчө мыйзам кабыл алуу тескерисинче анын өнүгүшүнө бөгөт болоорун айтып, ушул мзгилге чейн жашап келген «Массалык маалымат каражаттары жөнүндөгү», «Коммуникация жөнүндөгү» нормативдик укуктук базаларга гана кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштады.

Ал эми Өзбекстан саясат таануучу Ташбулат Юлдашев «компьютерлештирүүнүн масштабы боюнча Өзбекстан жада калса эң кедей Африка өлкөлөрүнөн да артта калууда. Калктын 90% ы компьютер ала алышпайт. Анын себеби компьютерлердин кымбаттыгы жана калктын материалдык жакырчылыгы болуп, бул өз кезегинде Өзбекстанда интернеттин өнүгүшүнүн бирден бир кедергисине айланууда», деп билдирди.

Өткөрүлгөн тегерек столдун бирден бир максаты Борбор Азия мамлекеттеринин өкмөттөрүнө, жарандык секторлорго сунуш иретиндеги маалымат булактарынын эффктивдүүлүгүн жогорулатуу боюнча пайдалуу чараларды иштеп чыгуу болду.

Негизинен аймактагы мамлекеттердин өкмөттөрүнө Интернет тармагында мыйзам жана жөнгө салуучу чараларды жүргүзүүдө коомчулуктун кеңири катмарынын пикирин эске алууну, калктын интернетти колдонуу мүнкүнчүлүгүн кеңейтүү, адам укугу боюнча маалымдуулугун камсыздоо, ошондой эле компьютердик жана интернет сабаттулугун жогорулатуу боюнча иш чараларды жүргүзүүнү сунушташты. Жарандык коомдун өкүлдөрү адам укугун коргоо тармагында калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу максатында интернет байланышы аркылуу региондогу мамлекеттердин укук коргоо уюмдарынын бирдиктүү аракети керектигин айтып, журналистерди, бейөкмөттүк уюмдардын өкүлдөрүн укук коргоочуларды Интернет техналогиялары, маалымат коопсуздугунун соңку ыкмалары жана башка маселелер боюнча жигердүү окутууларды жүргүзүүнү сушушташты.

**«Орто Азядагы укук коргоочу интернет-демилге жана он-лайн журналистика» аймактык тегерек столдук катышуучуларынын сунуштары.**

Борбор Азия өлкөлөрүнөн тегерек столго катышкан укук коргоочулар, журналистер интернет тармагын өнүктүрүү маанилуу деп эсептешип, төмөнкү сунуштарды көрсөтүшөт:

<u>Борбор Азия мамлекеттеринин өкмөтүнө жана жетекчилигине , ошондой эле Парламентине:</u>

- Интернет тармагында жана он-лайн журналистикада мыйзамдарды жана жөнгө салуучу чараларды кабыл алууда коомчулуктун кеңири катмарынын кызыкчылыгын эске алууну, кандай гана иш чара болбосун күн мурунтан сурамжылоого жана изилдөөгө алуу;

- калктын интернетти колдонуу мүнкүнчүлүгүн кеңейтүү, адам укугу боюнча маалыматтулугун камсыздоо, ошондой эле компьютердик жана интернет сабаттулугун жогорулатуу боюнча иш чараларды жүргүзүү;

- Интернет булактарын мамлекет тарабынан жөнгө салууну чектөө, жеке демилгелердин өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды камсыздоо;

- Интернет кызмат акысын керектөөчүлөргө жеңилдетүү максатында интернет кызмат көрсөтүүчүлөргө карата фискальдык саясатты түзүү.

<u>Коомдук жана Эл аралык уюмдарга:</u>

- калктын интернетти колдонуу мүнкүнчүлүгүн кеңейтүү, адам укугу боюнча маалымдуулугун камсыздоо максатында, интернет техналогиясынын бардык жактарын жигердүү окуп үйрөнүү жана колдонуу;

- адам укугун коргоо тармагында калктын маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу максатында интернет байланышы аркылуу региондогу мамлекеттердин укук коргоо уюмдарынын иш аракеттерин бириктирүү;

-журналистерди, бейөкмөттүк уюмдардын өкүлдөрүн укук коргоочуларды интернет техналогиясы, маалымат коопсуздугунун соңку ыкмалары, жана башка маселелер боюнча активдүү окутууларды жүргүзүү;

- коомдук маанилуу малыматты жайылтуунун кошумча куралы катары мобилдик техналогияны өнүктүрүү;

- он-лайн журналистиканы жана интернет долбоорлорду өздөрүнүн программаларында жана долбоорлорунда өзгөчө приоритетке айландыруу.

<u>ММК:</u>

- Интернет булактарында Адам укугу маселесин активдүү жана үзгүлтүксүз жарыялап туруу;

- массалык маалымат каражаттарына толеранттулук принцибин сактоону, берилген маалыматтын объективдүүлүгүн , тактыгын, тең салмактуулугун сактоо;

-интернет материалдарында таркатылган маалымат учун жоопкерчиликти жана этикалык нормаларды сактоо;

«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун «Машыктыруучулар үчүн тренинг – машыгуулар».

# ТРЕНЕРЛАР УЧУН ТРЕНИНГ



*2009–жылдын 20-21-ноябрында Алматы шаарында Борбордук Азия мамлекеттеринин журналистери жана укук коргоочу бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү катышкан тренинг-машыгуу болуп өттү. Бул тренинг–машыгуу Европалык Союздун «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан уюштурулду.*

Ошондой эле тегерек столдун катышуучулары массалык маалымат каражаттарына толеранттулук принцибин сактоону, берилген маалыматтын объективдүүлүгүн , тактыгын, тең салмактуулугун сактоону, бардык интернет материалдарында таркатылган маалымат үчүн жоопкерчиликтин жана этикалык нормалардын сакталышын сунушташты.

*«Мындай тренинг-машыгууларда көп эле болдум, бирок бул тренинг өзүнүн динамикалуулугу, маалыматтын көптүгү менен мени кубандырды. Бардык талкууга алынган темалар жана материалдар чоң практикалык мааниге ээ. Көптөгөн жаңы стратегиялар болду»,- дейт казак журналисти Яна Бачевская.*

*Ал эми тренингдин Өзбекстандан келген катышуучусу - тренингден көп кызыктуу нерселерди алгандыгын жашырган жок. «Бул тренинг Борбор Азия мамлекеттеринин журналистик жамаатына тренер –машыктыруучуларды даярдоонун биринчи кадамы болуп калат. Тренинг эң жакшы маанайда болуп өттү»,- дейт ал.*

*«Тренингдин материалдарынын кызыктуу жана жеткиликтүү болушу, аймактык мамлекеттерден келген катышуучулардын тажырыйбасы менин билимимди аз да болсо байытты»- дейт тренингдин дагы бир катышуучусу Флюра Надырова.*

*«Машыктырууда практикалык иш чаралар, аудитория менен иштөөнүн түрдүү формалары колдонулуп, көрсөтмө материалдардын көп болушу алган билимди бышыктоого чоң мүнкүнчүлүк түздү»,- дейт тренингдин Таджикистандык катышуучусу Мурод Сатиев.*

Бул тренингдин максаты, катышуучуларды тренинг- машыктыруунун: тренингди пландаштыруу, аны уюштуруу, катышуучулардын өзгөчөлүгүн жана өткөрүлүп жаткан иш чаранын максатын эске алуу менен группалык интерактивдуу окутуу өткөрүү; катышуучуларга тренинг-машыгуу өткөркүп жаткан мезгилде өздөрүнүн машыктыруучулук тажрыйбасын баалосун жана структризациялоосун аңдап түшүнүүсүнө жардам берүү; журналистерди, укук коргоо тармагындагы журналистерди окутууда машыгуу өткөрүү ыкмаларын колдонууга көнүүсүнө көмөктөшүү, катышуучулардын машыктыруу куралдарын кеңейтүү сыяктуу машыктыруунун негизги ишине үйрөтүү болду.

Машыктыруучу-окутуучу катары Журналистиканын Эл аралык Борборунун (MediaNet/Казакстан) мүдүрү Борбордун медия мектебинин машыктыруучусу Вячеслав Абрамов чакырылды. Айта кетчү нерсе, ал буга чейин 80 ден ашык тренинг-машыгууларды өткөргөн жана «Voice of Freedom Central Asia www.vof.kg» укук коргоо порталынын шеф –редактору эмгектенет.

Тренинг-машыгуунун жүрүшүндө кичикей лекциялар жана группалык талкуулар, кичи группаларда иштөө, практикалык жана оюн аркылуу түзүлгөн көнүгүүлөр, тажрыйба алмашуулар ошондой эле өзүнө өзү баа берүү ыкмалары колдонулду.

Катышуучулар мындан ары да тренингмашыктыруу иш чараларына чакырылып турушмакчы.

## «ИСЛАМДАГЫ АДАМ УКУГУ ЖАНА ЭРКИНДИГИНИН БҮГҮНКҮ ДҮЙНӨДӨГҮ ЖАЛПЫ АДАМ УКУКТАРЫ ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИ МЕНЕН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШЫ»

*2009–жылдын 16-декабрында Бишкек Гуманитардык Университетинде саясий илимдер жана ислам изилдөө илиминин доктору Кадыр Маликов «Исламдагы адам укугу жана эркиндигинин бүгүнкү дүйнөдөгү жалпы адам укуктары жана эркиндиктери менен өз ара байланышы» деген темада ачык лекция өткөрдү.*



Бул лекция Европалык Союздун каржылоосунда Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде уюштурулду.

«Адам укуктары менен эркиндиктеринин ислам жоболорун окуп үйрөнүү жана азыркы жаңы доордогу адам укуктары жана эркиндиктери менен салыштыруу, кайсыл укуктар жана эркиндиктер баарына жалпы жана кайсыларыларын тигил же бул коомдүн адатсалттарын, маданиятын, динин эске алып өзгөчө кароого мункунчулук берет»,- деп баштады өз сөзүн Кадыр Маликов.

Бардык дүйнөлүк диндердин ичинен мамлекеттке жана укук нормаларына ислам бир топ жакындашаары талашсыз.
Исламда жаратылышынан коомдук түзүлүш негиз кылып алынган. Бул өз кезегинде мусулман укук нормаларына негизделген ислам мамлекетинин түзүлүшүнө алып келген.
Кадыр Маликовдун айтымында адам укуктарынын нормаларын атайын код менен белгилөө мусулман укук нормаларында жок. Ислам моделинде саясий түзүлүштүн негизги бөлүгүн адам укугу түзөт. Адам укук –нормалары Куран, Сунна сыяктуу мусулман укук булактарында камтылган.

Мисалы, Курандын бир аятын алып көрсөк, ал жерде мындай деп айтылат: «Ээ адамдар, сиздер бири бириңиздерди таануңуздар үчүн биз сиздерди аял жана эркек кылып жараттык, жана сиздерди урууларга жана элдерге бөлдүк, бирок сиздердин кимиңиздер кудайдан көбурөөк корксоңор ошол эң татыктууңар болуп эсептелет». Бул аяттын негизинде эркектер менен аялдардын, түрдүү уруулар менен элдердин өз ара укуктарынын теңдигин айткан юридикалык түшүнүк жаткандыгы көрүнүп турат.

Адам укугуна байланышкан маселелерди жөнгө салып туруучу ислам укук нормаларынын баарын бириктирүү иши салыштырмалуу соңку убакта гана, тагыраак айтканда Европанын Ислам Советинин демилгеси менен 1981 жылы «Адам укуктарынын жалпы ислам декларациясы» кабыл алынгандан кийин болуп өттү.

Кадыр Маликовдун айтымында, адам укуктары боюнча келишимдерди иликтеп келгенде бул келишимдерде бир катар кемчиликтерди учуратууга болот. Алардын негизгиси ал укук нормаларды бүт бойдон практикада колдонууга мүнкүн эмес. Бул биринчиден, XX кылымдын ортосуна карай көпчүлүк араб мамлекеттери мусулман укук нормаларын негизги укук нормалары катары колдонуудан баштартышып, мусулман мамлекети болуудан алысташты. Ошондуктан, бүгүнкү күндө мусулман мамлекети деп эсептелген кээ бир мамлекеттер мусулман укуктарын жана мыйзамдарын өздөрү бузуп жатканына күбө болуудабыз.

Адам укуктарынын исламдык принциптеринин аткарылышын жөнгө салып башкарып туруучу механизм жок. Бул укук-нормалар бузулган мезгилде дүйнөнүн ислам лидер мамлекеттерине же жогорку инстанцияларга аппеляция менен кайрылуу системасынын жоктугу.

Лекциянын аягында студенттер лекторго темага байланыштуу өздөрүн кызыктырган суроолорду беришти. Суро-

олордун тематикасы бир топ кеңири болуп, окулган лекциядан сырткары да суроолор берилгендигин белгилей кетсек болот. Мисалга студенттердин бирөө Салафизм менен Вахабизмдин өзгөчөлүгүнө кызыкса, дагы бирөө Ирандагы ислам революсыясынын тарыхый жагдайын түшүндүрүп берүүсүн өтүндү. Ошондой эле мусулман жана иудей салттарына таандык болгон жаш баланы сүннөткө отургузуу балдардын укугун бузууга жатпайбы деп сурашты.

Студенттер өз суроолоруна жеткиликтүү жана канааттандырарлык жооп ала алышты.

«Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институтунун» (IWPR) Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн жетекчиси Эрлан Абдылдаев мындай лекциялар калктын адам укуктарын ар өңүттө аңдап түшүнүүсүнө мүнкүнчүлүк берээрин, ошондой эле угуучулардын суроо берүү мүнкүнчүлүктөрүнө ээ болушу сүйлөшүүлөрдү жандандырып гана тим болбостон, лекторго бул багытта угуучулар канчалык деңгээлде билишээринаныктоого мүнкүнчүлүк берерин айтты.

Эске сала кетүүчү нерсе бул Бул лекция Европалык Союздун каржылоосунда Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде уюштурулган үчүнчү лекция.

## «АДАМ УКУГУ ЭЛ АРАЛЫК ӨҢҮТТӨ»




*2009-жылдын 11 ноябрында Бишкекткги Кыргыз-Россиялык Словян Университетинде(КРСУ) «Адам укугу Эл аралык өңүттө» деген темада ачык лекция өткөрүлдү. . Бул лекция Европалык Союздун каржылоосунда Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде уюштурулду.*

Лектор - Ишенбай Абдуразаков- эл аралык мамилелерди окуган студенттерге адам укуктарынын түзүлүү системасын тарыхый өңүттөо айтып берди. Ошондой эле ал, алгач батышта көтөрүлгөн адам укуктарынын Борбор Азия өлкөлөрүнүн саясий жана социалдык турмушунда кандай өңүттө ишке ашышы тууралуу сөз кылды.

Тарыхчы катары Ишенбай Абдуразаков, бардык адамдар адам коомунун өнүгүү процессинин бирден бир ажырагыс бөлүгү болуп эсептелээрин түшүнбөй туруп, адам укуктарына байланышкан маселени талкуулоо мүнкүн эмес деп эсептейт.
Буткул талкуу учурунда айтылган ойлорго караганда лектордун айтайын деген ою Тарых бизди акылга сактоого татыктуу ар кандай мисалдарга, окуяларга туш кылат. Албетте ар бир абал өзгөчө, бирок бул өткөн муундардын тажрыйбасынан сабак албоо керек дегенди түшүндүрбөйт.

Ишенбай Абдуразаков Борбор Азия чөлкөмүндө укуктук эркиндиктердин, демократиянын өнүгүшүнүн зарылдыгынан күмөн санабайт. Ошону менен бирге бул багытта жасала баштаган бардык иш-аракеттер бул аймактагы ар бир мамлекеттин маданий жана тарыхый өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүшү керек деген оюн айтты.
Анын пикиринде аймактагы мамлекеттер кылымдар бою өнүгүп келген тарыхый процесстерди эске албай туруп, адам укуктары жана кыска мөөнөттүү демократияны өнүктүрүүнүн ойлонулбаган бир тараптуу программаларын жүргүзө баштоо акылга сыйбайт. Буга мисал катары, демократиялык системанын калыптануусу этап этабы менен жүрүп кылымдарга сөзулган батыш европалык мамлекеттерди келтирди.

Экинчиден, ал Борбор Азия мамлекеттеринде демократиялык нормаларды өнүктүрүүнүн

татаал маселелерин чечүүдө көмөк көрсөтүп жаткан эл аралык уюмдардын ишмердигин колдоо керектигин айтып угуучулардын кызыгуусун арттырды.

Бул аймактагы өлкөлөрдүн ар бир атуулу ачык жана айкын шайлоолордун өтүшүнө, көз карандысыз массалык маалымат каражатынын өнүгүшүнө кызыктар. Ушул өңүттө алганда аларга дал ушундай ОБСЕ же ушул региондо ишмердигин жүргүзүп жатышкан толуп жаткан бейөкмөт уюмдар жардам бере алышат.

Лекциянын жыйынтыгында жогоруда талкууга алынган Борбор Азия өлкөлөрүндөгү адам укугуна байланыштуу маселелерге жаш муундарды да тартыш керектигин, жаштар өз өлкөсүнүн нравалык укуктук өнүгүшүнө жооптуу экендигин кошумчалады.

## «ИНТЕРНЕТ ЖАНА ОН-ЛАЙН ЖУРНАЛИСТИКАДА УКУК КОРГОЧУЛУК ДЕМИЛГЕ»

*2009–жылдын 17-декабрында Россиялык-Таджик Университетинде «Интернет жана он-лайн журналистикада укук коргочулук демилге» деп аталган теманын алдында ачык лекция болуп өттү.*



Лектор катары «Интернет саясатынын жарандык демилгеси” (Гражданская Инициатива Полиики Интернет) коомдук фондунун мүдүрү Мухаммади Ибодуллоева чакырылды.

Бул лекция Европалык Союздун каржылоосунда «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда Адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде, Согуш жана Бейпилдикти чагылдыруу институту “IWPR” менен Орус- Таджик (славян) Университети менен биргеликте уюштурулду.

Лекциянын негизги максаты –калктын адам укуктары жана аны Интернет жана он-лайн журналистиканын жардамы аркылуу коргоонун мүнкүнчүлүктөрү боюнча маалымдуулугун жогорулатуу түздү.

Мухаммади Ибодуллоевдин пикиринде Тажикстанда бүгүнкү күндөгү демократиянын жеткиликтүү трибунасына айланган интернетти колдонуу менен адам укуктарына тийешелуу демилгелерди жүзөгө ашыруунун чоң мүмкүнчүлүктөрү бар.

«Адам укуктары боюнча көптөгөн уюмдар өздөрүнүн жеке интернет сайттарын ачышып, ал сайттарда өздөрүнүн отчетторун, аналитикалык жана маанилуу маалыматтарды, билимди өркүндөтүүчү материялдарды жайгаштырышат. Тажикстанда бул багытта өз долбоорлорунун чегинде адам укуктары боюнча бюро, НАНСМИТ, ОО «Хома» , Интерньюс сыяктуу уюмдар жана жеке блогерлер жигердуу иштерди жүргүзүүдө»,- деди Ибодуллоев.

Ошого карабастан Тажикстанда укук коргоочулардын интернетти колдонуу мүнкүнчүлүктөрү бир топ чектелген.

«Өлкөдөгү калктын болгону 15 пайызы Интернет байланышына мүнкүнчүлүгү бар, ушундан улам окуу аудиториясы өтө чоң эмес. Байланыш аудиториясынын көпчүлүк бөлүгүн- коңул ачуучу жана социалдык сайттарга кызыккан жаштар түзөт»,- дейт Ибодуллаев.

Ачык лекциянын жыйнтыктоочу бөлүгүндө лектор студенттердин суроолоруна жооп берди.

Лектор жөнүндө: Мухаммади Ибодуллоев «Интернет саясатынын жарандык демилгеси» коомдук фондунун мүдүрү. Уюмдун негизги максаты ачык демократиялык базар мамилелерине негизделген коомду жөнгө салуучу нормативтик укуктук актыларынын кабыл алынышына көмөктөшүү болуп эсептелет.

## «БАЛДАР ЭМГЕГИ ЖАНА БАЛДАР УКУГУ»

*2009-жылдын 22-декабрында Тажикистандын Хатлон областынын Куляб шаарында «Балдар эмгеги жана балдар укугу» деген темада коомдук ачык лекция өткөрүлдү.*



Бул лекция «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азия өлкөлөрүндө адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоорунун негизинде, Европалык Союздун колдоосунда Согуш жана Бейпилдикти чагылдыруу институту "IWPR" тарабынан уюштурулду.

Лектор катары Куляб университетинин саясий илимдер жана филасофия мугалими, «Шахрванд» жарандык коомду колдоо борборунун мүдүрү Додарбек Сайдалиев чакырылды. Додарбек Сайдалиев студенттердин өздөрүнүн интерактивдүү кызыгуусун маанилүү деп эсептеп, лекция суроо-жооп иретинде угуучулардын дээрлик бардыгынын жандуу катыщуусунда өттү.

Лектор жана студенттер балдар укугунун жалпы түшүнүктөрүнө байланышкан маселелер боюнча пикир алмашышып, деги эле балдар укугунун Тажикстандагы абалы жөнүндө талкуулашты.

«Шахраван» боборунун жүргүзгөн изилдөөлөрүнө ылайык пахта түшүмүн жыйноо учурунда мектеп окуучуларынын жана студенттердин укуктарынын бузулушу лекциянын негизги темасы болду.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн сурамжылоо жыйынтыгы көрсөткөндөй Куляб шаарындагы бир канча окуу мекемелериндеги студенттердин көпчүлүгү пахта түшүмүн жыйноого мажбурлоонун негизинде катышышкан. Кээ бир студенттердин айтымында пахта түшүмүн жыйноого катышуудан баш тартууда аларды окуу мекемелеринен чыгарып жиберүү сыяктуу коркутуулар болгон.

Сайдалиевдин пикиринде студенттер өз укуктары үчүн күрөшүүгө эгер блим берүү министрлигинин буга ылайык буйругу болсо гана даяр. Ушуну менен катар өздөрүнүн жеке укуктук сабаттулугун көтөрө алышмак.

«Балдар жана адам укугу жөнүндө укуктук билим берүүнү баштоо биздин студенттердин ар биринин турмушунан алынган таамай мисалдарда бир топ жемиштүү болмок», – дейт лектор ачык лекциянын аягында.

Лектор жөнүндө: Додарбек Сайдалиев он төрт жылдык эмгек тажрйбасы менен Куляб мамлекеттик унверситетинде окутуучу болуп эмгектенет. 2002-жылдан тарта окуутучулук ишин «Шахрванд» коомдук уюмунун иши менен айкалыштырып келет. Ал уюмдун максаты бейөкмөт уюмдардын, диний эмес коомдук бирикмелердин, демилгечи топтордун жана жеке атуулдардын жардамы аркылуу, ошондой эле мамлекеттик органдар, эл аралык уюмдар, бизнес жана массалык маалымат каражаттары менен жемиштүү кызматташуу аркылуу жарандык коомду өнүктүрүү болуп эсептелет.

## ТЕГЕРЕК СТОЛ «ТООЛУУ БАДАХШАН АВТАНОМИЯЛЫК ОБЛАСТЫНДАГЫ СИУЦИД: СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ЧЕЧУУ ЖОЛДОРУ»




*Тегерек стол «Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук тануу» долбоорунун негизинде, Европалык Союздун колдоосунда Согуш жана Бейпилдикти чагылдыруу институту “IWPR” тарабынан уюштурулду*

Тегерек столго Тоолуу Бадахшан Автономиялык областынын аткаруу бийлигинен, областтын жаштар, туризм жана спортт комитети, аялдар жана үй-бүлө комитети, ички иштер бөлүмү, бейөкмөт уюмдары, дин кызматкерлери, ММКнан жана жергиликтүү жамааттан өкүлчүлүктөр катышышты.

Жолугушуунун катышуучулары соңку мезгилдерде Тоолуу Бадахшан Автономиялык областында курч темага айланган өз өмүрүн кыюу маселесин талкуулашты. Соңку тогуз айда областын ичинде өз өмүрүн кыйган 28, ал эми 2008-жылдын ичинде 12 факт катталган. Ички иштер башкармалыгынын орун басары Назарбек Худоеровдун айтуусунда акыркы жолу суицид фактысы 2009- жылдын 21-окябрднын алдынкы күнү катталган. Хорог айылында Хорог Мамлекеттик Университетинин студенти өз өмүрүн өзү кыйган. «Бул окуя маселени талкуулоо үчүн дагы бир далил»,-деп эскертти Худоеров.

Жолугушуунун катышуучулары Тоолуу Бадахшандагы суицид фактылары көбүнчөсү эркектерде кездешип жаткандыгын айтышты, катталган фактылардын ичинен 20сы эркектер ал эми 8и аялдар болгондугу айтылды.

Бул маселенин уч себебин: экономикалык, уй-булолук жана психологиялык деп көрсөтүштү.

Суициддин көбөйгөндүгүнө байланыштуу, тегерек столдун катышуучулары мамлекеттик, жаштар жана бейөкмөттүк уюмдар струтурасынан жаңы жумушчу топ түзүүнү чечишти. Бул топ областагы өз өмүрүн кыйган жагдайды изилдеп, суициддин алдын алуу жана калкты ушул багытта маалымат менен камсыздоо иштерин жүргүзөөрү айтылды.

Жолугушуунун катышуучулары бул демилге тууралуу Тоолуу Бадахшан Автономиялык областынын торагасы Кодири Косимге кат жүзүндө кайрылуу жөнөтүү ниеттерин билдиришти.



***Музафар Зарипов:** Тажикстандын эмгек мигранттарынын укугун камсыздоо үчүн Филиппиндин тажрыйбасын изилдеп жаңы эмгек шарттарын издөө керек.*

***Манижа Курбанова, Душанбе***

Октябр ойида Эмомали Раҳ-Октябрь айында тажик президенти Эмомали Рахмон Москвага иш сапары менен келген учурда, Россиянын президенти Дмитрий Медведев РФ аймагындагы Тажикстандык мигранттардын каттосун жөнөкөйлөткөн жаңы миграциялык жоболорду кабыл алуу жөнүндө убадасын берген.

«Бул тармакта жаңы жоболор кабыл алынып, Россия Федерациясында эмгектенүүнү каалаган тажик жарандары үчүн түшүнүктүү, ачык айкын, үзүрдүү эрежелер түзүлөт», - деди Медведев маалымат жыйынында.

Азырынча Россия тарап эч кандай реалдуу иш-аракеттерди баштай элек.

Миграциялык жараяндарды башкаруу тармагында Тажикстан өзү кандай кадамдарга барышы керектиги жөнүндө IWPRге берген маегинде Тажикстандын миграциясы боюнча Эл аралык эмгек миграциясынын маалымат-ресурстук борборунун директору, “Эмгек миграция борбору” коомдук уюмунун төрагасы Музафар Зарипов айтып өттү.

***IWPR:** Россиядагы эмгек мигранттарынын көйгөйлөрү бир түрдүү: Жумуш сунуштаган жарыяны көргөн адам ишке орноштуруу агенттиги менен келишим түзөт да барып калат. Ал жерден паспортун алдырып коет, бар күчүн аябай иштеп, жашоого шарты жок, акыры мээнети кайтпай кожоюну айлыгын төлөп бербей коет. Бул учурда эл аралык укуктук уюмдар, мисалы Казакстандагы Эл аралык миграция борбору кандай жардам бере алат?*

**Музафар Зарипов:** Адам укугу боюнча, өзгөчө эмгек мигранттары боюнча маселе кабыл алган өлкөлөр өз миграциялык мыйзамдарын гумандаштырып жана жөнөкөйлөтүп, эмгек шарттарын бошоңдоткон учурда да абдан курч болгон.

Чет элдик эмгек мигранттарын ишке орноштурууда оз кызыкчылыгын көздөгөн далдалчы же иш берүүчүлөр мыйзамды колдонуп кетиши ыктымал.

Бул кырдаалда баары эмгек мигрантынын каршылык көрсөтүү иммунитетине жараша болот. Эгер адам өзүн мындай кырдаалдан сактаса, эн жакшы болмок.
Тилекке каршы, мындай кырдаал биздин жарандарды кабыл алган Россия жана Казакстан мамлекеттеринде түзүлгөн эмес. Ал акыркы жылы бат өнүккөн ошону менен бирге миграциялык мыйзамдары иштелбей калган өлкөлөрдүн баарына мүнөздүү.

Эл аралык уюмдар, айрым учурда МЭУ акыркы 7 жылдын ичинде Бул маселе боюнча Тажикстан менен иштешүүдө.

Мигранттарды укуктук суроолору боюнча тейлеп, маалымат-кеңеш берген атайын инфраструктура түзүлгөн.

Бул иш чара жарандардын укуктук коопсуздугун камсыздоо үчүн жасалат.

Кээ бирлери бул фактка көңүл бурбайт, дагы бирөөлөрү четке кагат, үчүнчүлөрү билбейт дагы. Анын натыйжасында кулчулукка кабылып, тирүү товарга айланып да калышат. Кабыл алган өлкөлөрдө тажик эмгек мигранттарынын укугун коргогон бир нече уюмдар: диаспора, өкүлчүлүктөр, Тажикстандын ИИМинин өкүлчүлүктөрү кызматта турат.

Эмгек мигранттары ал уюмдарды жакшы таанып, дарегин билиши абзел. Биздин мекендештерибизге чет мамлекетке чыгуу аны менен бирге ал жакта ишке орношуу маданиятын өздөштүрүп алуусун сунуштайм.

***IWPR:** Москвада эмгек миграциясы тармагында кызмат кылуу Борборун түзүү тажрыйбасы бар. Борбор кардарларды мыкты тейлеп, “кызмат супермаркети” болуп саналат. Ага мамлекеттик тейлөө ( уруксат документтерин берүү, кабыл алуу ) жана кеңеш берүү, котормочулук кеңселери, нотариат аттуу кошумча кызматтар кирет.*

Бизде Тажикстанда да эмгек мигранты Россияга даяр документтер топтому менен жөнөп кетүүсү үчүн мындай “терезе” түзүүгө болот да. Бул тууралуу сиздин кандай оюңуз бар.

**Зарипов:** Москвада гана эмес жалпысынан Россияда мындай борборлор пайда болгон, бул кубанычтуу жышаан. Анткени барган жерде жумуш издөө жана орношуу маселелери мыйзамдуу түрдө болот.

Албетте алардын ишинде көп кемчиликтер бар. Мисалы, су-

нушталган кызматтардын айлык акысы чет өлкөлүк жумушчуну канаттандырбайт, бирок бул алгачкы эле кадамдар. Менимче, бир нече убакыттан кийин жогорудагы далдалчы борборлор жана чет өлкөлүк жумушчулар ортосунда суроо-талап, сунуштоо маселелеринде эриш аркак мамилелер пайда болот.

Азырынча борборлор өзүнүн абалы жана кирешелерине наразы. Мисалы Самаралык аймактык борбордун карамагында чоң имараты бар, айтылган бардык кызматтарды сунуш кылат, тилекке каршы азыр кирешесинен чыгашасы көп.

Тажикстанда мындай борборлорду түзүү мүмкүнчүлүгү талкууланып жатат. Аларды ачуу үчүн каражат, сабаттуу адамдар, бул ишкерликти жөнгө салуучу нормалык-укуктук актылар керек.

Бул маселе миграция боюнча министрликти түзүү сунушу менен үндөш. Бирок, мындай ишкерликтин түрү жана мүнөзү мигрант жөнөп кетүүдө белгилүү гана кызматты аткарып, унитардык болуп калат. Мындай борборлордун алдында кыска мөөнөттүк тил,укуктук кызматтар иштеши керек.

***IWPR:*** *МЭУнун бир баяндамасында Тажикстан шашылыш түрдө миграциялык мыйзамды иштеп чыгып кабыл алды. Анын негизинде бул маселени мамлекет деңгээлинде жөнгө салды деп жазылган. Бүгүн “Миграция жөнүндө” мыйзамды өзгөртүү же оңдоолорду киргизүү зарылчылыгы барбы?*

**Зарипов:** Ооба, “Миграция жөнүндөгү” мыйзамдын тышкы эмгек миграциясы тууралуу бөлүгүн өзгөртүү керек.

Бул жылдын 19 ноябрындагы Тажикстан Республикасынын миграциялык жараяндарын жөнгө салуу боюнча Мекемелер арасындагы комиссиясынын жыйынында, МЭУ ТРсынын миграциялык мыйзамын изилдөө боюнча натыйжалары менен тааныштырды.

Бир аз убакыттан кийин мыйзамды ишке ашыруу боюнча Жумушчу топ бул мыйзамга өзгөртүү, оңдоолорду киргизүүнүн максаттуулугун иликтеп чыгат.

Менин оюмча, иштеп жаткан мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү же жаңы мыйзам анын бөлүктөрүн түзүү-мезгилдин буйругуна көз каранды болот.

Мыйзам Филлипиналык “Эмгек мигранттары жөнүндө” мыйзам тектүү бул жараяндын тараптарынын укугун жана жоопкерчилигин майда-чүйдөсүнө чейин тактап чыгышы керек. Андан кийин гана мамлекеттик органдарга болгон басым бошондоп, жараяндын катышуучусу, ар бир ишке жоопкер тараптарды билип калат.

Эмгек миграциясы мамлекеттин экономикалык саясатынын бөлүгү болгондуктан, бул маселеге ылайыктуу көңүл бурушу керек.

***IWPR:*** *Бүгүнкү күндө Таджикистан тышкы эмгек миграциясын башкара алабы?*

**Зарипов:** Өз убактысында берилген суроо. Чет өлкөдөгү миграциялык жараяндарды башкаруу эч качан кеч болбойт.

Башкысы, мамлекеттин каалосу болушу керек. Бул жерде эчак даяр болгон “велосипедди ойлоп чыгуунун” зарылчылыгы барбы?- деген башка суроо жаралат.

Кээ бир өлкөлөрдүн өзгөчө касиеттеринен тышкары, дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, негизги маселелери окшош болот. Бул өз өлкөсүндөгү жана иштеген өлкөдө социалдык жана укуктук коргоону, тышкы эмгек миграциясы үчүн нормативдик укуктук базасын, кесипкөй билим берүүнү, тандаган кесибин тастыктоону, медициналык тейлөөнү камсыздашы керек.

Мен маселени терең түшүнбөгөн кээ бир башкармалардын жана кызматчылардын Тажикстандын өз тандаган жолу бар деген ырастоолоруна каршы чыгаар элем.

Алардын мекенчилдигин сыйлайм, бирок Тажикстанда он жылдап жаңы үзүрлүү тышкы эмгек миграциясын башкаруу тутумун иштеп чыгууга убакыты да каражаты да жок. Азыр Тажикстан салттуу эмгек базарында ээлеген ордун жоготуп жатат. Бул каатчылык жана кызмат бааларынын төмөндөшүнө гана байланыштуу эмес, базарда арзан жумушчу күчү пайда болгонуна да байланыштуу.

Ага далил аймактык коңшуларыбыз боло алат. Алар башкаруу маселелерин чечүүгө олуттуу киришип, белгилүү ийгиликтерге жетти.

***IWPR:*** *90-жылдын аягында Эмгек жана калкты социалдык коргоо министрлигинин алдында Мамлекеттик миграциялык кызматы түзүлгөн. 2006 жылдын февраль айында тышкы миграцияны жөнгө салуу ИИМдин карамагына тапшырылган. Бүгүнкү күндө ТИМде да Россиялык мигранттарды көзөмөлдөө кызматы иштейт. Сиздин оюңузча ким бул маселени чечет? Балким миграция иштери боюнча министрлик түзүү зарылчылыгы бардыр?*

**Зарипов:** Тышкы эмгек миграциясы тармагында миграция саясатын үзүрлүү ишке ашырууда ар бир өлкө башкаруу тутумунда, мыйзамдык камсыздоодоодо оптималдуу вариант тандап алат.

Менимче, бүгүнкү күнгө чейин иштеген тутумдардын оң жана терс жактары бар. Бирок алардын бирөө да толугу менен тышкы эмгек миграциясы тармагында Миграциялык саясат Концепциясын ишке ашырууну камсыздай алган жок. Ага бир нече себептер бар.

Биринчиси – кабыл алынган аракеттерге карабастан келечектүү программанын жок-

тугу. Экинчиси - кесиптик потенциалдын начарлыгы. Үчүнчү – эмгек миграциясы боюнча илимий далилденген улуттук стратегиянын жоктугу. Төртүнчүсү – башкармалардын демилгесиздиги жана кол куушуруп отура бергендиги.

Акыркысы: Тажикстандагы жылына өтүүчү миграциялык кырдаалды анализдөө. ж.б. Мен кабыл алган өлкөлөрдөгү эмгек базарларын маркетингдик изилдөөнү гана эмес, жаңы эмгек базарларды издөө тууралуу да билдирип жатам.

Миграция иштери боюнча министрликтин түзүлүшү, менимче, изилдөөгө татыктуу идея. Бирок тышкы эмгек миграциясын башкаруу тутуму дагы бир бюрократташтыруу тажрыйбасын көтөрө албай калат.

Бул тармактын адистеринин ортосунда ачык маек түзүү керек. Мен ТР өкмөтүнүн астында оз алдынча тутумдун түзүлүшүнө каршы эмесмин. Бирок бул тутумдун мамлекеттик колдоодон тышкары тейлөө кызматынын эсебинин каржылоо булактары болушу абзел.

Мисалы, мен, карапайым адамга жакын болгон жана анын көйгөйлөрүн тез чечкен бир да министрликти көрө элекмин. Бирок чет мамлекеттен жумуш таап берүү боюнча Филлипиналык башкармалык-эмгек мигранттарга мамлекеттик жана жеке кызмат көрсөтүү тутумунун мыкты мисалы боло алат.

Башкача айтканда зарыл болгон маалымат, документация жана кеңеш берүү кызматы баары бир мекемеде жайгашкан. Биз ошого умтулуубуз керек.



***Улугбек Азимов: Оңуттуу натыйжалар болот деген үмүттөр өчө элек.** Укуктук маселелер боюнча адис Улугбек Азимов Кыргызстандагы кыйноолорго каршы Улуттук превентивдик механизм жөнүндө ой бөлүштү.*

**Ирина Кузнецова, Бишкек**

2010 жылдын январь айында Кыргызстандын кыйноолорго каршы Улуттук превентивдик механизмди түзүү боюнча мөөнөтү аяктайт. Мыйзамды иштеп чыгуудагы кыйынчылыктар жөнүндө Жумушчу топтун мүчөсү, "Көз карандысыз укук коргоочу" коомдук фондунун укук маселелери боюнча адиси Улугбек Азимов айтып өттү.

***IWPR:** Биздин окурмандарга Улуттук превентивдик механизм жөнүндө түшүндүрүп берүүңүздү өтүнөбүз.*

**Улугбек Азимов:** Улуттук превентивдик механизм бул камакка алуучу жайлардагы кыйноолорду жана ырайымсыз мамилени алдын алуу боюнча ачык-айкындуулукту камсыздоочу институт. Ал Кыргызстанда эл аралык келишимдин алкагында түзүлүп, жарандык жана саясий укук жөнүндөгү Эл аралык пактты, кыйноолорго каршы БУУнун Конвенциясын өзүнө камтышы керек.

2003 жылы Кылмыш кодексине 305-1 "Кыйноо" деген берене киргизилген. Бирок акыркы алты жылда бул берене боюнча бир эле кылмыш иши козголуп ал сот чечимине жеткен эмес. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөй эле мыйзамдагы өзгөрүүлөр оң натыйжаларды алып келген жок. Ошону менен бирге укук коргоочу уюмдар күн санап кыйноо жана ырайымсыздыкты далилдеген фактыларды ачыкка чыгарууда.

Мындай кырдаалда кыйноолорду алдын алуу боюнча үзүрлүү иш-чара жүргүзүүгө Улуттук превентивдик механизмге муктаж болдук. Ал 2008 жылы февраль айында Кыргызстан кошулган кыйноолорго каршы Конвенциясынын Факультативдик протоколуна бекитилген.

Анын негизги максаты камакка алуу жайларындагы адамдарды кыйноо жана зордук-зомбулуктан коргоодо ачык айкындыкты камсыздоо болуп саналат. Мыйзам жогоруда айтылгын мекемелерди Улуттук ппревентивдик механизмдин өкүлдөрү тарабынан үзгүлтүксүз каттоо аркылуу камсыздалат.

***IWPR:** Ал Кыргызстанда кандай түрдө түзүлөт? Анын курамына ким кирет?*

**Азимов:** Факультативдик протокол мамлекеттин өзүнө УПМдин түрүн тандоо укугун берет. Эң башкысы, ал модель мандатка талапталган катаал тартипке, анын көз карандысыздыгына, превентивдик каттоодогу кепилдиктерге жана ыйгарым укуктарга жооп бериши зарыл.

УПМдин мүчөлөрү камакка алуу жайларына күн-түн дебей кирүүгө, абактагылар менен бетме-бет сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк алып, ал институт мамлекет тарабынан каржыланышы керек.

Мониторингдин натыйжасында болгон маалыматтардын негизинде, УПИ камакка алуучу жайлардын шартын оңдоо жана кыйноолорду алдын алуу боюнча кепилдемелерди иштеп чыгып, мамлекеттик мекемелер менен тыгыз байланышта иш-чараларды өткөрүп туруушу керек.

Омбудсмендин жетекчилиги менен түзүлгөн бардык кызыктар министерстволордун жана мекемелердин өкүлдөрүнөн түзүлгөн Жумушчу топ Европа өлкөлөрүндө кеңири тараган «Омбудсмен-плюс» моделине окшош модель иштеп чыкты. Бул үлгү боюнча мыкты деп табылган коомдук уюмдардын беш өкүлү, парламенттин үч депутаты жана омбудсменден турган Координациялык кеңеш түзүлөт.

Координациялык кеңеш превентивдик каттолордун үзгүтүк-

сүз тутумун түзүп, кепилдемелерди иштеп чыгып, аны чечүү үчүн ишбилги органдар менен кызматташат. Каттолорду Мониторинг жана баалоо борборунун 19 адиси ишке ашырат.

Адисттер камакка алуучу жайларга жакын аймактарга бөлүнөт. Республикада андай жайлар көп болгондуктан жергиликтүү демилгечилерди көз карандысыз адис катары Борборго кызматка кабыл алууну сунуштап жатабыз.

***IWPR:** Бизге белгилүү болгондой, текшерүүнү талап кылган мекемелердин тизмеси көптөгөн талаш-тартыштарды жаратты.*

**Азимов:** Бул суроо боюнча мыйзам чыгаруучулар эчак аныкталышкан. Бул учурда мамлекеттик мекемелердин буйругу же кабардар болуусу, макулдугу менен камакка алган жайлар жарандарды кармоодо Факультативдик протоколдун жоболору менен так колдонушу керек.

Эркинен ажыратуу Протокол боюнча адамды ыктыярсыз камакка алуу таризи эсептелет. Андай протоколдук түшүнүккө абак-жатактар, убактылуу кармоочу жайлар, балдар карылар үйү, психиатрлык дарылануучу жайлар, аскер бөлүктөрү ал эмес камакка алынган адамдарды ташуучу унаа дагы кирет.

Бирок бул эл аралык келишимге кирген түшүнүктөр биздин мыйзамдагы көнүмүш “камакка алуучу жай” же “эркинен ажыратуу” деген түшүнүккө дал келбейт, андыктан биз тараптан шайкеш кабыл алынбайт.

Бир жагынан улуттук мыйзамдардагы жалпыга белгилүү болгон түшүнүктөрдү сакташыбыз керек, экинчиден Протоколдун талаптарын аткарышыбыз керек. Ал үчүн мыйзамда “эркинен ажыратуучу жай” жана “эркин чектөөчү жай” деген эки түшүнүк кабыл алынган.

Биринчи түшүнүк боюнча административдик туткундоо боюнча, кылмышка шектүү же соттун чечими боюнча күнөөлүү деп таанылган адам убактылуу кармалуучу же камалуучу абак, СИЗО, ИВС ж.б. эсептелет.

Эркин чектөөчү жайга-адам мамлекеттик мекеменин же кызматчынын буйругу, кабардар болуусу, же макулдугу боюнча кармалып, өз эрки менен таштап кете албоочу жай: аскер бөлүктөрү, аскер окуу жайлары, интернат, балдар үйлөрү кирет.

Бул түшүнүктөрдү колдонуу көп керексиз суроолорду четке какмак. Негизгиси алар, Факультативдик протокол менен алдын ала каралган камакка алуу жайларынын тизмесин озүнө камтыйт.

***IWPR:** Дагы кандай тоскоолдуктарга кабылдыныздар?*

**Азимов:** Демилгечилер эл аралык уюмдар, омбудсмендин аппараты жүргүзгөн кеңири маалымат кампаниясына карабай, тилекке каршы, кээ бир башкармалар Факультативдик протоколдун негизги концепциясын туура кабыл албай жатат.

Мисалы УПМдин мүчөлөрү эркинен ажыратуучу же камакка алуучу жайларга күн-түн дебей каалаган убакытында эскертүүсүз барууга укугу бар. Мыйзам УПМдин мүчөлөрүнүн жеке камоодон же убактылуу кармоодон, документин, жүгүн, кат-кабарын текшерүүдө иммунитетин жана артыкчылыгын камсыздоосу керек.

Андан башка мүчөлөр УПМ чегинде ишкердүүлүгү боюнча соттук-процессуалдык иммунитетке ээ болушу керек. Бул УПМдин өзөгүн түзөт. Дал ушул жобо менен кээ бир башкармалар жана укук коргоо мекемелеринин кызматчылары макул эместигин билдиришти.

Факультативдик протоколдун негизги концепциялары боюнча Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн арасында да көп пикир келишпестиктер бар. Мисалы, анын мүчөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү превентивдик каттоолор каалаган күнү же түнү болушун баса белгилебей эле, алдын ала эскертүү же эскертүүсүз деп эле көрсөтүүнү сунуштап жатышат.

***IWPR:** Бул эки жобонун эмне айырмасы бар?*

**Азимов:** Факультативдик протокол боюнча, УПМдин мүчөлөрү жабык мекемеге күн болобу түн болобу кирүүгө укугу бар. Ал эми “алдын ала эскертүү же эскертүүсүз тоскоолдуксуз каттоо” деген сөз айкаштырууда кыйынчылыктар пайда болот. Анткени кыйноо зордукзомбулук колдонулду деген ишарат боюнча мекемени түнкүсүн мониторингден өткөрүүгө мүмкүн болбой калат.

Мыйзамдагы “сутканын каалаган убагындагы” деген тактоосу жоктугу, эркинен ажыратуучу жана чектөөчү жайлардын жетекчилигин мекемелик акттын нормалары менен колдонууга шарт түзүп, мекемеге кирүүнү чектөөгө уруксат берет. Мисалы, СИЗОнун ички күн тартиби туткунду саат 18.00 дон 8.00 го чейин жолугушууга чыгууга тыюу салат.

***IWPR:** Эгер мыйзамды айланып өтүүгө мүмкүн болсо, анын эмне кереги бар?*

**Азимов:** Сиз эң маанилүү суроо бердиңиз. Бул суроону бардык өкмөттүк эмес уюмдар, укук коргоочулар,УПМдин Кыргызстандагы үзүрдүү иштешине кызыктар болгон мекемелер да беришүүдө.

Биздин оюбуз боюнча талап кылынган тартипке жооп бербеген, кыйноолорду алдын алууга көмөк көрсөтпөгөн УПМди түзүүнүн кажети жок.

Андыктан биздин максат-оппоненттерди УПМдин үлгүлөрүн сактап аны мыйзам түрүндө бекитүүгө ынандыруу. Бул ноябрь айында Кыргызстанда УПМди түзүү маселесине арналган Коомдук кеңеште баса белгиленди.

***IWPR:** Кеңеш кырдаалды өзгөртүүгө жардамын тийгиздиби?*

**Азимов:** Анын натыйжалары жеке мени кубантып, үмүттөндүрдү. Парламенттин депуттатары Лейла Сыдыкова жана Галина Куликованын, Швейцария жана Англиянын эл аралык адистеринин укук коргоочу уюмдардын чыгаандарынын колдоосу менен арасында Жумушчу топтун мүчөлөрү бар биздин оппоненттердин пикирин өзгөртө алдык.

Кеңештин катышуучулары Факультативдик протоколдун талаптарына жооп бериши үчүн мыйзам долбоорун аягына чейин иштеп чыгууну сунуштады. Жана ал иш кыймылдай баштады. Мыйзам долбоорун иштеп бүтүп, биз аны коомчулуктун жанаэл аралык адистердин сынына коебуз. Андан сон гана парламентте караштырууга тапшырабыз.

***IWPR:** Ал эми УПМ жөнүндө мыйзамды такыр эле кабыл албаган күчтөр барбы?*

**Азимов:** Эркинен ажыратуучу жайларга капысынан текшерүү барганы мекемелердин ынсапсыз жетекчилерин чоочутат. Анткени андагы адам укугунун бузулушу, анын ичинде кыйноолорго кабылышы ачыкка чыгып калышы мүмкүн. Жетекчилердин иши тууралуу калыс баа алардын кызмат ордуларына таасирин тийгизет, андыктан алар мындай текшерүүгө каршы чыгууда.

Бирок УПМ тууралуу идеяга кескин каршы айтуулар болгон жок. Бардыгы бул мамлекеттин милдеттемеси экенин жакшы түшүнөт. Чечимди убагында өлкөнүн президенти жана парламент кабыл алган. Демек, аны аткаруу керек. Ал эми каршы чыккандардын максаты УПМдин мүмкүнчүлүгүн максималдуу чектөө болуп саналат.

***IWPR:** Зордук-зомбулукту колдонуу маселесине мамлекеттин көз карашы кандай?*

**Азимов:** Менимче, Кыргызстанда кыйноо, зордук-зомбулук колдоноорун эч ким четке какпайт болушу керек. Укук коргоочулар кыйноолордун курмандыктарынын ондогон арыздарын жалпыга жарыялап жатышат. Кээ бир башкармалардын “кыйноо боюнча бир да кылмыш иши козголгон жок демек, зордук-зомбулук бизде жок” деген ырастоолору коомчулукту ишендире албады.

Кыйноо жана ырайымсыз мамиле жөнүндө кылмыш иштери козголуп башка ага тектеш Кылмыш кодексинин беренелери боюнча тергелип жатат. Анда кызматтык ыйгарым укугунан аша чабуу же кыянаттык кылуу боюнча жоопкерчиликке тартылган учурлар катталган.

Менин оюмча, кыйноо иштери боюнча кыйын кырдаалды сезген Кыргызстан Борбор Азия өлкөлөрүнөн биринчилерден болуп Факультативдик протоколго кошулган факты ага ачык далил боло алат.

Парламент аркылуу мыйзам долбоорунун тоскоолдуксуз өтүшү мамлекеттин кыйноо көйгөйүн чечүүгө кызыктарлыгын далилдеши керек. Бул кадам мамлекеттин беделин көтөрүү үчүн куру формалдуу дагы бир эл аралык келишимге катышуусубу же бийликтин чын ниеттен УПМ аркылуу кыйноолорду тыюу саясатыбы, аны убакыт көрсөтөт.

***IWPR:** УПМ Кыргызстанда 2010 жылы январдын аягында түзүлүп бүтүшү керек. Ал мөөнөттө бүтүшү канчалык деңгээлде анык?*

**Азимов:** Биз УПМ жонүндөгү мыйзамды андан эрте деле кабыл алып, ишке ашырып киришибиз мүмкүн. Бирок, бул жөн гана Протоколдук милдеттемени аткардык деген отчет болуп калат. Анда биз Факультативдик протоколдун бардык талаптарына толугу менен жооп бербеген формалдуу институтка ээ болуп калабыз.

Демилгечилер, Факультативдик протоколдун жоболорун кылдаттык менен кабыл алып, УПМдин негизги өзөгүн түшүнө албасак, парламентке мыйзам долбоорун киргизүү эрте деп бир пикирде болуп жатат. Парламенттик талкууда мыйзам ылайыксыз өзгөрүүлөргө кабылат деген коркунуч туулууда. Бул “тилсиз-тишсиз” УПМдин пайда болушуна түрткү болот.

КМШ өлкөлөрүндөгү УПМди кабыл алуу тажрыйбасын эске салсак андай натыйжа болушун четке кагуу ыксыз.

Мыйзам долбоорун түзүүчүлөр коомчулук жана кызмат иши тиешелүү адамдарды Факультативдик протоколдун чегинде кыйноолорду алдын алуу жана түп тамырынан жоготуунун жаңы мамилелерин түшүндүрүү боюнча активдүү маалымат-агартуу кампаниясын жүргүзүүгө үгүттөп жатат.

***IWPR:** Мыйзам долбоорун узакка создуктуруу аны санкциялоого алып келбейби?*

**Азимов:** Тажрыйба көрсөткөндөй, үзүрлүү жана кынтыксыз УПМСди түзүп, иштеп чыгуу үчүн кээде бир жыл да аздык кылат. Факультативдик протоколдун түзүүчүлөрү ага катышуучу-мамлекеттердин өз милдеттемелерин аткаруудагы мөөнөтүн созуу өтүнүчтөрүн эске алат.

Протокол создуктуруу өтүнүчүнө санкцияларды койбойт. Биздин учурда санкция болушу мүмкүн эмес, анткени БУУнун кыйноолор боюнча бөлүмү Кыргызстанда УПМ боюнча жүрүп жаткан иш-чаралары жөнүндө мыкты маалыматталып, бардык жаңылыктардан кабардар. Анын эки өкүлү апрелде бул маселеге арналган Тегерек столдун катышуучулары болуп кеткен.

Жакындагы кеңешменин жыйынтыктары мындай мөөнөттүн узартуусунун керектигин аныктады. Мен өзүм бул чечим менен макулмун. Кийин Ошол эле БУУнун екыйноолорду алдын алуу жана арылтуу комитетинин сынына калгыча, азыр маселени оңдоп-түзөп үзүрлүү жана кынтыксыз УПМ иштеп чыккан оң.

***IWPR:** Башка өлкөлөрдө УПМдин кандай моделдери бар жана Кыргызстан алардан эмнени үйрөнүшү керек?*

**Азимов:** Борбор Азия мамлекеттеринен Кыргызстан менен казакстан гана Факультативдик протоколго кирген.Казакстанга берилген бир жылдык мөөнөт аяктады, бирок УПМ али иштеп чыгып бүтө элек. Мөөнөтүн создуктуруу өтүнүчүн Казакстандын бийлиги расмий жарыялаган жок. Тажикстан менен Өзбекстан эл аралык келишимди али ратификациялай элек.

Биздин байкообуз боюнча бир модель бир өлкөдө мыуты иштегени менен башка өлкөдө маанисин жоготот. Бул жерде саясий, экономикалык факторлор чон роль ойнойт. Мисалы, Словениядагы «Омбудсмен-плюс» модели жылына эки миллион евро бюджети менен ийгиликтүү иш алып барат.

Ал эми ошол эле модель Молдовада иштей албай койду. Мамлекет өз милеттемесин аткарбай каражат бөлүп бере албай койду. Ошонун кесепетинен Молдова жана Азербайжандын УПМи Кыйноолорду алдын алуу комитети тарабынан сынга алынып, акыркы жыйында талкууга коюлду.

Мунун баары даяр моделди көчүрүп алуунун кажети жоктугун далилдейт. Биздин УПМ мамлекеттин өзгөчөлүгүнө карап иштелип чыгышы керек. Каражатты көп талап кылбашы шарттуу, анткени каржылай турган мамлекеттик казына анча бай эмес.

Эң башкысы механизм чыныгы ишке жарамдуу орган катары өзүн кепилдеп, жана ал кыйноолорду алдын алууда жаңы реалуу кадам болушу зарыл.

**Александр Кельчевский: Адам укугун коргоо тармагында физика мыйзамдары күчсүз болот.** *Астанадагы ОБСЕ Борборунун башчысы Александр Кельчевский Казакстандын жакында боло турган төрагалыгы жөнүндө ой бөлүшөт.*



**Диана Окремова, Астана**

Биринчи январда Казакстан расмий түрдө ОБСЕнин төрагалык милдетин аткара баштайт. Бул жышаандын беделдүүлүгүнө карабастан Казакстандагы адам укугу боюнча чыныгы кырдаалдын тегерегинде көп талаштартыштар болууда.

Төрагалыктын көйгөйлөрү, келечеги жана кээ бир орчундуу маселелери жөнүндө Астанадагы ОБСЕнин башчысы Александр Кельчевский айтып берди.

***IWPR:** Кээ бир мыйзам чыгаруу демилгелерине (Интернетти көзөмөлдөө, жеке турмуш сыры ж.б.), тергөө маалында мыйзам бузуулар катталган бир нече сот иштерине (Евгений Жовтис, Рамазан Есергепов, Мухтар Джакишев ж.б.) байланыштуу Казакстан Мадрид милдеттемесин аткара алабы деген күмөн саноолор пайда болду.*

**Александр Кельчевский:** Мен макул эмесмин. Мадридде силердин өлкө ОБСЕнин башка мүчө-өлкөлөрүнө реформалоо демократиялануу жолуна багыт алып жатканын далилдеди. Белгилей кетсем, андагы тышкы иштер министри [Марат] Тажин КРнын өкмөтү шайлоолор, саясий партияларды каттоо, ММК жөнүндө мыйзам жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу тармагында мыйзамдарды түзүүдө алдыга карай кадам таштоолору жөнүндө билдирип кетти.

Бул суроолор боюнча өкмөт былтыр эле сунуштарды иштеп чыгып, аны Парламенттин талкуусуна өткөрүп берген. Парламент өз кезегинде аны жактырды. Мыйзамдагы оңдоолор Казаккстандын ОБСЕге төрагалыкка бир жыл калганда, жыл башында эле ишке кирди. Ал өлкөнүн саясий жаңылануусуна чоң кадам таштаганын билдирет. Буюруса, ал натыйжалуу жана тез улана бермекчи.

***IWPR:** Казакстан ОБСЕге мүчөлүк бир нече убактан кийин бул уюмга төрагалык ченөлчөмүнө татыктуу деп ойлойсузбу?*

**Кельчевский:** Казахстан – толук укуктуу ОБСЕнин мүчөсү. ОБСЕге евро-атлантикалык чөлкөмдөгү бардык өлкөлөр кирет. Айтмакчы "Ванкуверден Владивостокко чейин". ОБСЕнин башкы милдети- мүчө өлкөлөр ортосундагы саясий маек куруугa аянтча түзүп берүү. Ал эми коопсуздукту сактоо жана өз ара түшүнүү максатында мамлекеттердин кабыл алынган милдеттемелерин жана принциптерин кабыл алуусу буга жолтоо болбошу керек.

***IWPR:** Сиздин оюңуз боюнча Казакстандын адам укугун коргоо милдеттемесин аткарууда эмне тоскоолдук кылып жатат? Маселенин тамыры эмнеде?*

**Кельчевский:** Сиз айтып жаткан жараяндар абдан татаал. Ага механикалык мамиле кылуудан качышыбыз керек. Мында физика мыйзамдары күчсүз. Бул жараяндар узак мөөнөттү талап кылат. Мында бийлик эле эмес бүткүл коомчулук жоопкер болот.

Мисалы, сот тутумун карап көрөлү. Ал репрессивдүү посттоталитардуу менталитеттен гумандуу мүнөзгө өтүшүнө канча убакыт талап кылынаарын ким так айта алат? Бул мамлекеттин саясий эркинен жана коомдун жалпы көңүлдөнүүсүнөн көз каранды болот. Андыктан ММК иши, мектептердеги, ЖОЖларындагы тарбия иштери абдан зарыл.

***IWPR:** Адистердин ою боюнча биздин балекетибиз-укуктук маңкуртчулуктан, укукту туура колдонууну билбестикте жатат. Заманбап шарттарда аны менен кандай күрөшө алабыз? Адамдар өз укугун коргой алышы үчүн, мыйзамга ишене баштaшы үчүн эмне кылуу керек?*

**Кельчевский:** Мен керемет ыкма айта албайм. Бул узак жараян-социологдор жакшы билет чыгаар. Дүйнөдө толук ишеним бийлеген кырдаал жок.

Баары бара-бара өз ордуна келет. Ал эми силердин өлкө демократия, адилет коомчулугунун жолуна жаңы эле кадам таштады. Коңшу өлкөлөрдөгү, аймактагы, пост советтик чөлкөмдөгү кырдаалды да эске алышыбыз керек.

Көп маселелер өз ара байланышта болуп, өз алдынча чечиле албайт. Мезгил өтүп, мисалы коңшу Россиядай бийликтин тутуму бир нече жолу өзгөргөндө бул жараянда өлкө белгилүү бир тепкичке көтөрүлө баштайт.

***IWPR:** Сиздин оюңуз боюнча Казакстанда адамдын укугунун кайсынысы эң көп бузулууда?*

**Кельчевский:** Бул жерде сарэсеп жүргүзо албайсың. Бардык өлкөлөрдө татаал суроолор системалык мүнөзгө ээ болот. Андыктан биздин Борбор демилгечилердин жарандык коом менен, мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдар менен иштеген жоон тобуна колдоо көрсөтөт.

***IWPR:** Бир жыл мурун сиз Казакстанда жарандык коом жаңыдан жаралып келе жатат*

*дедиңиз эле. Бүгүнкү күндө Казакстандагы ӨэУдаср үзүрлүү иштеп жатабы?*

**Кельчевский:** Ооба, жарандык коом жаралып, торолуп, күндөн күнгө күч алып жатат. Менимче, ӨэУдардын добушу күчтүү чыгып калды. Коомдо да кадыр-баркка ээ болуп, профессионалдуу деген бааларды алууда. Акыры, жарандык коом өлкөнүн күзгүсү, анын алдыга карай жылышында кыймылдаткыч күчү, өлкөнүн демократиялык тандамынын негизин түзүп калат.

***IWPR:** мамлекеттик укук коргоо түзүмүнө- Адам укугу боюнча улуттук комиссияга, Акыйкатчылык институтунун ишине кандай баа берет элеңиз?*

**Кельчевский:** Силер билгендей, адам укугу боюнча Улуттук комиссия КР адам укугун илгерилетүү максатында эн маанилүү стратегиялык документ-2009-2012 жылдарга чейин адам укугу тармагында иш алып баруу Улуттук планы түзүлүп чыккан.

Акыйкатчы оз тарабынан жыл сайын баяндама берип, кабарлап турат. Бирок былтыркы жылга чейин ал маанилүү документ орус жана казак тилинде гана чыгып турган. Биздин Борбор аны англис тилине которууга кеңеш берип, документ кеңири таркала баштады. Биз анын которулушун каржыладык, бул омбудсмендин мандатынын ишкерлигинин жайылышынын алгачкы гана кадамдары. Эмки жылы бул ишкерликти кеңири жайып, көп олуттуу иш алып барууну чечтик.

***IWPR:** Сиздин оюңузда Казакстандын ОБСЕдеги төрагалыгы адам укугун коргоо тармагындагы кырдаалдын оңолушуна шарт түзөбү?*

**Кельчевский:** Силер ал үчүн кам көрсөңөр, албетте, ийгилик болот. Ал эми башка эл аралык уюмдан же төрагалыктан жардам издесеңер ийгилик күтпөгүлө.

**IWPR:** *Адам укугу тууралуу Эл аралык пакттын протоколун ратификациялоо ОБСЕдеги төрагалыкка мееленип жасалган иш-чара деген пикир бар. Сиз бул пикир менен макулсузбу? Казакстандын ОБСЕдеги төрагалыгы кандай деңгээлде маанилүү? Кээ бирлери бул - аброй күтүү акциясы деп баалайт.*

**Кельчевский:** ОБСЕ Казакстан тарабынан жарандык жана саясий укугу тууралуу, экономикалык, социалдык жана маданий укугу тууралуу Эл аралык пактты ратификациялоосун бир нече жолу кубаттаган. Бул эки документ адам укугун коргоодогу эл аралык аспаптарынын негизи болуп саналат.

Ратификация же өлкөнүн макулдугу бул мамлекеттин адам укугун коргоо жана камсыздоодогу эл аралык нормаларга жана принциптерге умтулуусу жөнүндө көрүнөө ишараты. Албетте, Казакстандын Пактка кошулуусу анын беделин көтөрүп, эл аралык аренада, ОБСЕнин катышуучу-өлкөлөрү арасында урматтоо сезимин туудурду.

Белгилеп кетсем, бул эки документти ратификациялоо Казакстандын бийлигинин, эл аралык уюмдардын, коомдук сектордун бир нече жылдык эмгегинин үзүрү. Ал тараптардын аракети Казакстандын 2010 жылдагы ОБСЕге төрагалыгы чечиле электе башталган.

Пакттарды ратификациялоо -мамлекеттин бул тармакта эл аралык милдеттемелерди мойнуна алуу даярдыгынын белгилүү бир денгээлге жетишинин табигый өрчүү жолу. Менин пикиримде, эми Казакстанга Пактта айтылган эл аралык стандарттарды имплементациялоодо көмөк корсөтүп, бардык аракеттерди жумшоо керек.

***IWPR:** Бул жылдын октябрь айынан казакстандыктар БУУнун адам укугун коргоо боюнча комитенине кайрыла берсе болот. Ал эми аялдарды басмырлоону жоюу комитетине 8 жылдан бери кайрылуу мүмкүнчүлүгүбүз бар. Бирок Казакстандан бир да арыз түшө элек. Бул эмнеге байланыштуу?*

**Кельчевский:** Казакстан жарандарынын аялдарды басмырлоону жоюу боюнча БУУнун комитетине кайрылбагандыгынын эки себеби бар.

Биринчиден Казакстанда эле эмес, башка өлкөлөрдө аялдарды басмырлоо, кодулоо факттын далилдеп, соттун чечимине чейин жеткирүү өтө оор иш. Казакстандын “Аял менен эркектин тең укуктуулугун мамлекет тарабынан кепилдөө” жана “турмуштук зордук-зомбулукту алдын алуу” деген мыйзамдарында “басмырлоо” деген түшүнүк жок болчу.

Экинчиден менталитет жана мындай суроолорго коомдун мамилесин унутпоо зарыл. Бирок менин билишимче, Астанадагы ОБСЕнин Борбору 2008 жылы байкаган турмуштук зордук-зомбулук иши белгиленип, Комитетке арыз даярдалып жатат.

***IWPR:** Жакында эле адам укугун коргоо боюнча эл аралык Федерация Казакстан мигранттардын жана качкындардын укугун бузду деген айыпты койду. Сиздин оюңуз боюнча, ОБСЕге мүчө-өлкөлөрүнүн мамилеси Казакстанга карата кандай болот?*

**Кельчевский:** Адам укугун коргоо Федерациясынын баяндамасында Казакстан (Кыргыз Республикасы да) эмгек мигранттары жана качкындар боюнча түзүлгөн кырдаалда Казакстан мигранттардын жана качкындардын укугун камсыздоо маселесине көңүл бурууcун үндөйт.

Тиешелүү уюмдардын, ошондой эле БУУнун качкындар боюнча Агенттиги, Миграция боюнча Эл аралык уюмдун аракетинин натыйжасында кырдаал оңолот деген үмүттөр бар.

Дагы бир жолу эл аралык сахнада өлкөлөр арасындагы мамиле узак мөөнөттүк негизде курулаарын эскертип өткүм келет.

Андыктан, ОБСЕге мүчө өлкөлөр үчүн эң негизгиси-Казакстандын 2010 жылдагы ийгиликтүү төрагалык кылуусуна тилектеш экенине Сиздин жана окурмандардын көнүлүн бургум келет. Бул биздин уюм үчүн, анын башкы максаты:шериктештикти жана коопсуздукту камсыздоо үчүн абдан маанилүүлүгүн баса белгилегим келет.

## ЖЕКЕ ТУРМУШ СЫРЫН САКТОО ТУУРАЛУУ МЫЙЗАМ ӨЗ ЭРКИНДИГИНЕ БОЛГОН БАСЫМДЫ КҮЧӨТҮҮСҮ МҮМКҮН.

*ММКтарынын укугун коргоочулардын пикиринде жаңы мыйзам бийлик үчүн жагымсыз фактыларды журналисттер тарабынан сындоо мүмкүнчүлүгүн чектейт.*

*Артур Нигметов – батыш Казакстандык Уральск шаарынын штаттан тышкаркы кабарчысы, «Свобода» радиосунун корреспонденти.*



МККтарынын таламын талашкан укук коргоочулардын оюбоюнча, Казакстандын жаңы мыйзамы журналисттердин мүмкүнчүлүгүн чектеп, коомдук ишкерлер тууралуу маалымат берүүгө тыюу салат.

11 ноябрда парламенттин төмөнкү палатасы иштеп жаткан мыйзамга оңдоолорду киргизди.

Анда жарандар жеке турмуштук сырына укуктуу деп жазылат. Ал өзгөрүүлөр жеке турмушка анын ичинен: жеке каражат салым сырына, телефон сүйлөөшүүлөр, почта кат алышуу сырына кийлигишүүдөн сактайт. Бул мыйзамдарды бузгандар үчүн олуттуу жазалоолор каралган.

Андан соң мыйзам парламенттин жогорку палатасы-Сенатка караштырууга өткөрүлөт. Акыркы кадам - президент Нурсултан Назарбаевге кол коюуга берилет.

Кээ бир мыйзамдагы өзгөрүүлөр укук коргоочуларынын көңүлүнүн купулуна толот. Мисалы, тергөөчүнүн телефондон аңдып, сөз тыңшап маалымат алуу мүмкүнчүлүгү жана ал маалымат аркылуу фактыларды бурмалап, жазалоого шарт түзүүсү.

4 ноябрда парламентте, бул мыйзамдын биринчи угуусунда адилет министринин орун басары Марат Бекетаев жеке турмуш сырын ММКтары аркылуу калкка маалымдоо менен бузган адамга гана максималдуу жазалоо чаралары колдонулат,-деп билдирди.

Алдыңкы медиа демилгечилер «Журналисттер Союзунун» башчысы Сейтказы Матаев жана «Адил сөз» сөз эркиндигин коргоо фондунун президенти Тамара Калеева бул мыйзамга каршы чыгышты. Алардын пикиринде жеке турмуш укугун коргоо чаралары маалымат алуунун негизги укугун кепилдеши керек.

28 октябрда чогуу берген билдирмесинде Матаев жана Калеева мыйзам журналисттер тарабынан коомдук ишкерлер тууралуу жазуу укугун сакташы абзел жана чагым айтуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги жоюлушу керек. Матаев менен Калеева жогоруда айтылгандай болбосо, парламент бул мыйзамды четке кагышы керек деген оюн билдиришти.

Адамдын жеке турмушу жөнүндө маалымат берүүдө ММКтарын колдонгону үчүн беш жылга эркинен ажыратылсын деген мыйзамдын жобосу Матаев менен Калееваны өзгөчө тынчсыздандырды.

IWPR менен болгон маегинде Калеева жогорудагы мыйзам чындыгында, журналисттердин ишкерлигин чектөөгө багытталгандыгын айтты.

«Мыйзам карапайым жарандардын кызыкчылыгын сактоого эмес, коомдон жашыра турган сыры бар атка минерлерди коргоого багытталган. Ал эми кылмыш кууугунтуктоосуна өз кесиптик милдетин аткарган таланттуу жана принципиалдуу журналисттер кабылат»,- дейт Калеева.

Бул мыйзамды жактаган парламенттин депутаты Владимир Нехорошев, мыйзамдын негизги максаты «журналисттин жүрүм - турумун тартипке салуу» деп түшүндүрдү.

«Журналисттин максаты коомдун кызыкчылыгын коргоодо кесипкөй чынчылдык менен маалымат топтоп, ошол эле учурда жеке турмушуна кийлигишкен адамын сыйлап, ага боорукерлик менен мамиле кылуу. Жоопкерчиликсиз сөз эркиндиги болбойт»,-деди депутат.

Юрист Сергей Уткиндин пикиринде, Казакстан Россия кабыл алган мыйзамды үлгү кылып, эгер башкалардын аркасы менен баюуу максатында жеке маалымат таратылган гана учурда жазалоо колдонулушу керек. «Журналисттерге бул норма таралбайт. Менимче, биздин учурда же бул мыйзамды кабыл албаганыбыз оң, же аны россиялык мыйзамга жакындатышыбыз зарыл»,- деди ал.

Өзүнүн тиешесиз байкоочулук пикирин айтып жатып, россиялык саясий технологиялар борборунун адиси Сергей Расов, бул мыйзамды кабыл алуу Казакстандагы массалык маалымат каражаттарынын толугу менен токтоп калышына алып келерин билдирди.

«Эгер Казакстанда бул мыйзам кабыл алынса, ар бир терс жана оң мүнөздөгү ар бир маалымат макаланын, телеберүүнүн каарманынын макулдугусуз берилбей калат. Болбосо, ар бир башкарма анын, мисалы, каражат байлыгы, машинеси, бизнеси, аялынын кымбат баалуу буюмдары жана башкалары тууралуу жазгандыгы үчүн журналистти мыйзамдуу түрдө абакка отургузуп коюшу мүмкүн»,-деди Расов.

Казакстандык саясий баяндамачы Айдос Сарым, бийлик бул мыйзамды катаалдатууну каалаганынын өзгөчө себеби бар деген ойдо.



2007 жылы президент Назарбаевдин күйөө баласы Рахат Алиев банкирди уурдаганы үчүн кылмыш жазасынан коркуп, өлкөдөн качкан. Ошол эле жылдын күзүндө Интернетте бир нече укук бузууларды мойнуна алып жаткан казакстандык башкармаларынын телефондук маегинин аудиожазуусу пайда болгон. Ал учурда чет мамлекетте жүргөн Алиев казак бийлигинен өч алуу максатында бул материалды элге жеткиргендиги үчүн айыпталган.

“Бул жазуулардын чынтөгүндүгүнө карабастан, алар президент Назарбаевдин жана анын курчоосундагы бийик орундукта отурган атка минерлердин аброюна шек келтирди”,- дейт Сарым.

«Эми келечекте өзүн коопсуздандыруу максатында бийлик мындай алдынала пре-вентивдүү, бирок эски ыкмадагы чараларды көрүп жатат», - деди Сарым.

2009 жыл калем кызматчылары үчүн ийгиликсиз жыл болду. “Мени чагым сөзгө калтырды”,- деген парламенттин мүчөсүнүн дооматы боюнча көз карандысыз «Тасжарган» гезити жабылды. БТА банкына каршы жазылган макала үчүн «Республика» гезити бир нече миллиондук жазапул төлөмөй болду.

Августта «Алма-Ата Инфо» гезитинин кожоюну жана редактору Рамазан Есергепов, гезитинде Казакстан коопсуздук кызматчылары жергиликтүү ишкердин салык төлөөдөн качкандыгын кармаганын жазганы үчүн “мамлекеттик сырды ачты” деген айып коюлуп, үч жылга эркинен ажырады.

Ошол эле жайда парламент интернет-ресурстарда сөз эркиндигин чектөөнү буйруган мыйзам кабыл алды. Бийликтин айтымында, алар интернет үчүн басма ММКтары үчүндөгүдөй эле эрежелерди киргизип, ал аркылуу кылмыштуулук, порнография менен күрөшүп, сойкулукка бөгөт коюу аракетин жасашат. Ал эми медиачыгаандар бул кадам мамлекет тарабынан көз карандысыз жаңылыктарды жана сөз эркиндигин чагылдырган акыркы мүмкүнчүлүк- Интернетти да өзүнө багындырып алуу аракети деп нааразы болушууда.

# ЧЫГЫШ КАЗАКСТАНДА КУЛ ЭЭЛӨӨЧҮЛҮК "МОДАГА КИРИП" ЖАТАТ.

*Үй жайы жок адамдарды уурдап кетип, кул катары иштөөгө кыйнап жатышат.*

***Семейден Яна Герасименко***



Бул кыштоодо калган үч кулду полиция таап чыккан. © IWPR

Казакстандын чыгышында адамдарды уурдап, алыскы фермаларга кул катары зордоп иштетүү учурлары катталганын полиция жана укук коргоочу топтор билдирди.

Казакстандын уюштурулган кылмыштуулугуна каршы күрөш жүргүзгөн полиция бөлүмүнүн иликтөө иштеринин натыйжасында чыгыш Казакстандын Абай районунда күч менен кармалган үч туткун бошотулду.

"Кул ээлөөчүлөрдү" кармаган полиция капитаны Айдарбек Тлеубеков, кандай схема менен жумушчулар топтолгонун айтып берди.

«Кожоюндун отуз жашар баласы айылдан бир нече километр алыстыкта жайгашкан Семей шаарына (орус тилинде Семипалатинск катары белгилүү болгон) каттап турчу. Ал көчө селсаяктары менен полиция катары таанышып, "ичимдик ичкени үчүн кармап", кыштоого (малчы жашай турган талаадагы шарты жок үй) алып кетчи.

Ошентип, кул ээлөчүлөр төрт адамды кармап турган. Үчөө-белгилүү турак-жайсыз кырк жаштардагы чамасындагы жубайлар жана 55 жаштагы эркек адам.

Төртүнчүсү болуп Кадырали аттуу 50 жашар уста кармалган. Аны кожоюндар курулуштагы жумуш күнүнөн кийин кийиминин кирдигин көрүп, турак-жайсыз адам деп божомолдогон. Куруучуну аракка сугарып, айылга алып жөнөшкөн. Айылга келгенде "ичкен арагыңдын акысына, бир ай мал багасың" деген шарт коюшкан.

"Мен каршылык көрсөтүп үйгө качканда, сарайга бутуман асып коебуз деп коркутушту. Берген тамагы-макарон менен нан болду. Кээде ооруп өлгөн койдун этин бышырып беришчи. Иштеген ишиме акы төлөнбөгөнүн билгенде, сабырым түгөндү",- деп кийин Кадырали полицияга айтып берди. Үйгө кайтууну каалаган Кадырали, "мени кое бербесеңер, кыштакты өрттөп салам" деп коркутту. "Ошондо мага: "Төрт тарабың кыбыла, каалан жагыңа кете бер" деп жооп беришти. Мен кайда барам? Мен, мында иштеген да адамдар жол билбейт экенбиз",-дейт Кадырали.

Жөө жалаң жакынкы шаарга чейин барууга мүмкүнчүлүк жок, талаа жүздөгөгн километрге созулуп жатты. Андан тышкары кыштактын тегерегинде карышкырлар короодогу койлорго аңчылык кылып жүрчү.

Кыштактын ээлери туткундар кача албаарын түшүнүп, кызматчыларын кайтарып да койчу эмес.

«Бирок мен өз эркиндигим үчүн күрөшүп, жеңип чыктым», - дейт Кадырали. Ал бейтааныш адамды көндүрүп, Семейге жетээри менен дароо полицияга барды.

Ыкчам кызматтын сөзүндө, Кадырали аларга келбесе, "кул ээлөчүлөрдүн кыштагын табууга мүмкүнчүлүк болмок эмес".

«Биздин областта дал ушундай кулчулуктун түрү тарап жатат. 2008 жылдын март айында Жармин районунда эркинен каршы кармалган жубайлар табылып, бошотулган. Бул жылдын май айында Урджар районунда дал ушундай окуя кайталанды»,-деди Назигуль Ахметкалиева, чыгыш Казакстандагы мыйзамсыз эзүүчүлүктүн курмандыктары болгон адамдарга жардам берген «Феникс» өкмөттүк эмес уюмдун директору.

Бул катталган факт боюнча, иликтөө иштери дагы деле жүрүп жатат. Ал аяктаган соң полиция кызматкерлери дыйкан чарбасынын ээлерине айып коеру белгилүү болот.

IWPRдин пикиринде, эгер иш сотко жетсе, ал Казакстандын Кылмыш кодекси боюнча, 128 берене менен "Адамды сатуу-сатып алуу, жана башка ушу сыяктуу бүтүмдөр, аны эркине каршы иштетүү, камоо, өткөрүп берүү" үчүн жаза 7-жылдан 15 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган.

128 берене боюнча чыгыш Казакстан областындагы окуя сейрек кездешет. “Кул ээлөчүлөрдүн” күнөөсүн далилдөө кыйын, ал эми алардын курмандыктары бийлик ээлерине кайрылуудан баш тартышат.

Бул берене менен катталган кылмыш иштеринен бирөө сексуалдык зордоону, башка экөө эмгекке зордоо боюнча. Төртүнчү козголгон кылмыш иши 133 берене-жашы жете элек балдарды пайдалануу жазасы менен катталып, мыйзам бузуучу 10 жылга эркинен ажыратылды.

Казакстанды ички иштер министрлигин маалыматы боюнча, өлкө ичинде 128 берене менен 128 кылмыш иши козголгон, ал эми 133-берене менен 16.

Ахметкалиева белгилегендей, кулчулукка Казакстандын гана жарандары эмес коң-шу Кыргызстан, Өзбекстан, Россия мамлекеттеринин тургундары да дуушар болууда.

«2005 жылы Урджар районунда Россиянын жараны табылып бошотулган. Аны ишкер айым 5 жыл бою үйүндо кармаган. Ал үй куруп, мал багып, муздак жатаканада жатып, айлык алган эмес. Аны россиялык «Жди меня» телекөрсөтүүсүнүнө дайынсыз жоголгон деп кайрылган энесинин жардамы менен табышкан»,-деди Назигуль Ахметкалиева.

Эл аралык миграция уюму колдогон адамдарды сатууга каршы күрөшкөн долбоордун жетекчиси Алия Аликова: “Казакстандын шаарларынын жана айылдарынын географиялык жайгашуусуна, экономикалык өнүгүшүнө жараша Өзбекстандан, Кыргызстандан, Тажикстандан келген эмгек мигранттары үчүн жагымдуу аймак болуп калды”.

Бул мигранттардын көпчүлүгү Казакстанга мекенинде үй-бүлөсүн багуу үчүн акча табуунун айынан келди.

Кулчулукка кабыл болгон же дал ошондой көйгөйлөрү бар адамдар үчүн ЭММ кулчулукка сатылган курмандыктар үчүн эки жай ачып, адамдар менен соода кылуу фактыларын



Кылмыш болгон ферма. © IWPR

ачыкка чыгаруу боюнча маалымат борборлорун түздү. Башка уюмдар менен биргеликте ЭММ миссиясы Казакстанда жыл сайын 100го жакын курмандыктарга жардам көрсөтөт.

Полиция кызматкаерлери бул кылмыш иштерин иликтегени менен ал адамдарга кайдыгер мамиле кылаары белгтлүү.
Семей шаарынын ИИМинин маалымат жана тил саясатынын башчысы Елубек Оспановдун айтуусунда, үй-жайсыз адамдар бул кырдаалга туш болгонуна оздөрү күнөөлүү.

«Тентигендиги үчүн кармалган адамдардын аларды багууга даяр болгон туугандары бар. Бирок жогорудагы адамдар үй-бүлөөдө көп болсо эки жума чыдап, кайра качып кетип жатышат. Баарына аракечтик күнөөлүү», - дейт Оспанов.

Семей шаарындагы «Дом» коомдук уюмдун жактоочусу Александр Гурин, кулчулук маселеси жаңы эмес, ал Казакстанда совет маалынан бери келе жатаарын айтты:

«80 жылдардын башынан 90 жылга чейин мен укук коргоо органдарында иштеп, мындай учурлага көп күбөө болгом. Тентиген адамдарды жумуш бригадаларына чогултуп, акча төлөп берүүнү убада кылышчы. Бирок натыйжада бекер иштетчи. Мындай иштер боюнча, иш козголчу эмес, анткени анын курмандыктары арыз жазуудан баш тартып койчу. Балким аларга басым көрсөтүлчү».

«Азыркы тузулгөн кырдаал мурунку жылдардан калган салт мурасы», - деп кошумчалады ал.
Казакстандагы өсүп бара жаткан социалдык бөлүнүү коомдун кайдыгерлигине алып келгенин айтат «Дом» коомдук уюмунун жетекчиси Майра Абенова.

«Коом колунда бар жа карапайым адамдарга даана бөлүнүп калды. “Жогорку” жана “төмөн” баскычтагы адамдар пайда болду. Азыр жада калса балдар да “бомж адам эмес” деген ойдо болуп жатат. Менимче Казакстанда легалсыз жумушчу күчүн колдонгон дыйкан чарбалары аз эмес. Коомдук уюмдардын бул көйгөйдү чечүүгө күчү жетпейт. Мында прокуратура менен полициянын көзөмөлү керек»,-дейт Абенова.

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮН АРАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШТУУЛУК КЫРГЫЗСТАН ҮЧҮН ОЛУТТУУ КӨЙГӨЙГӨ АЙЛАНУУДА

*Адистердин айтымында тартип бузган өспүрүмдөр көргөнүн кылып, чоңдорду туурап жатат.*

***Асыл Осмоналиева Бишкектен***

Классташын сабап койгон алты өспүрүмгө каршы козголгон кылмыш иши, уруп сабоонун натыйжасында каза тапкан баланын тагдыры Кыргызстандын мектептериндеги зордук-зомбулукка коомчулугунун көңүлүн өзүнө бурду.

АКИpress агенттигинин маалыматына таянсак, 15 жашар Садабай уулу Нурактын өлүмү боюнча алгач кылмыш иши 2 декабрда Талас областынын Бакай-Ата райондук сотунда каралган. Камакка алынган алты балага коркутуп, опузалап, ден-соолукка атайын оор зыян келтиргендиктин кесепетинен жабырлануучунун өлүмүнө алып келген деген күнөө коюлган.

Адисттердин айтуусунда өлкөнүн көп мектептеринде рэкет тарап кеткен. Бул көйгөйдү чечүү үчүн коомдун мамилесин өзгөртүп, билим берүү тармагында бир нече реформаларды жүргүзүү керек.

«Эл Пикир» уюмунун кызматчыларынын жакындагы изилдөөлөрү боюнча, окуучулардын 34 пайызы алардын мектептеринде опузалоо факты бар экенин ырасташкан.

Олуттуу кырдаалды чечүү үчүн парламенттин депутаттары бул маселени изилдөө боюнча атайын комиссия түздү.

Талдоочулардын ырастоосунда, мектептеги зордук-зомбулук 1991 жылы Советтер Союзунун кулашынын кесепетиндеги түзулгөн социалдык доо кетүүдөн жана өспүрүмдөрдү курчап турган азыркы коомдун кылык жоругунун кесепетинен күч алды

Мындан мурунураак ушул жылы IWPRдин радиокабарчысы Жанар Акаев Оштогу окуучулар менен маектешкен. Анда балдар классташтарына салык салып, төлөөдөн баш тарткан окуучуларды зордоп сабаган, акы пул үчүн атаандаш кески топтон коргоону сунуш кылган өспүрүмдөр тобу жөнүндө ачык айтып берген. ( Засилье банд в школах на юге Кыргызстана (Gang Culture Rife in Southern Schools).)

АКИpress агенттигинин маалыматы боюнча, кокустуктан курман болгон бала“Эркектер кеңеши” аталган жогорку класстардагы өспүрүмдөрдүн тобунун опузалоосуна дуушар болгон.


Буга окшош окуя былтыр Чүй областынын Панфилов районунда болгон. Баланы жогорку класстын окуучулар тобу салык төлөөдөн баш тарткандыгы үчүн сабап өлтүрүп коюшкан.

Милиция кызматкерлеринин айтуусунда, акыркы жылдары мектептердеги кылмыштуулук катаалдап баратат.

Ички иштер министрлигинин коомдук коопсуздук Башкармалыгынын ага инспектору Марат Мундузбаевдин айтымында, “өспүрүмдөрдүн арасындагы зордук-зомбулуктун көбөйүшү эмес, алардын таш боордугу коркутат”.

«Ар бир топтун башчысымын же чыгаанымын деп өзүн эсептеген бала сөзсүз курал алып жүрөт, - деди Мундузбаев. - [Бул] мыйзам менен тыюу салынган куралдарга кирбеген, жана тартып алууга мүмкүн болбогон чакан маки бычак болот. Өспүрүмдөр бул жагдайды жакшы билет. Мындай маки адамды олуттуу жарадар кылып, же өлтүрүп коерун да жакшы билет».

Каракчылык жана опузалоодон башка, атаандаш топтор бири-бири менен мушташтарга катышып турат. Мундузбаев айткандай, он жыл мурун мындай мушташтар жеңил аяктап, балдардын денеси көгөрүп тытылып калса, азыр мушташтын на-



тыйжасында бычакка жарадар болуп, бир жери сынып, кээде өлүм менен да аяктоодо.

Кыздар дагы зордук-зомбулукка катышып, ал мушташтардын өлчөмү Кыргызстанда укук бузуучу кыздарга өзүнчө түзөтүү жайын куруу зарылдыгын туудурууда. Азыр алар аялдар колониясында кармалып туратдеп Мундузбаев кошумчалады.

Балдар кылмыштуулугу боюнча адистердин оюнда, кылмыш топтору кадыресе дайыма болгон көрүнүш, бирок азыркы жаштардын баскынчылыгы бул алар жашап турган жаңы коомдун продукту болгон кубулуш.

«Балдар чөйрөсүндө дайыма бир чыгаан өзүнүн айланасына курбу чогултуп, кылмыштуулук менен алектенбесе да, топтошуп жүрүүгө шарт түзөт-деп түшүндүрдү Бишкек шаарынын Ленин райондук ички иштер бөлүмүнүн өспүрүмдөр инспекциясынын башчысы Нурдин Омурбеков. Эгер балдардын арасында кылмыштуулук көбөйүп, алар мыкаачылык мүнөзгө ээ болсо, бул балдардын жүрүм туруму биздин коомду чагылдырып турат».

Коммунисттер фракциясынын депутаты Гульжамал Султаналиева да бул ой менен макул болот. Балдар чоңдордун жүрүм-турумун кайталап, туурашат. «Алар опузалоо механизминин так эрежелерин кайдан билет? Бул моделди чоңдордун кылмыштуулук дүйнөсүнөн көрүп, жасап жатат», - деди ал.

«90-жылдары совет бийлигинин тутуму кулап, капитализмге өтүү күтүүсүз дендирөө экономикалык кaатчылыкка, адамдардын аң сезиминдеги өзгөрүүлөргө алып келген. Бийлик көзөмөл күчүн доготуп, кылмыштуулук зөөкүрчүлүк кылган. Өлкөдө күчтүү кылмыш топтору түзүлүп, алар майда барат базар, кафе, ресторандарды гана козөмөлдөбөстөн ири ишканаларга да ээлик кыла баштаган»,-дейт Мундузбаев.

Ал муундун азыр өз балдары пайда болду, дейт Мундузбаев. Алар “билеги күчтүү дүйнө багынтат,- деген эрежени ата-энесинен үлгү кылып алышты”.

IWPRдин кабарчысы 39 жашар ишкерден интервью алган. Ал 90-жылдары бат жана чоң акча алып келе турган иш менен алектенгенин жашырбай айткан. Базарларга салык салып, сатуучуларды опузалашкан, же жөн гана каракчылык кылган.

Азыр ал ал кылмыш чөйрөсү менен катышы жок, бирок анын өз баласын мектепте опузалап жатканын айтып, даттанды.



Баласы үйгө мектеп рэкетинен таяк жеп бети көгөрүп келе баштаганда, атасы уулун бокс сабагына жиберип, өзүн коргой алсын деди. Бирок бала машыгуудан жабыркаганда, бизнесмен күчкө күч колдонуу туура эмес экенине көзү жетип, уулун башка мектепке которду.

«Мен уулумду жигитчиликке үйрөтүп кыйнай берипмин, бирок бир жолу гезиттен окуучунун өлүмү тууралуу окуп, абдан коркуп кеттим»,-деди ал.

Ата-энеси Советтер Союзунда көрбөгөн зордуктун түрлөрүн Кыргызстан өспүрүмдөрү бүгүнкү күндө көрүп жатышат. Уюшулган өспүрүмдөрдүн кылмыш топтору жөнүндөгү россиялык сериалды мисал кылып, Мундузбаев, ал фильмдин мазмуну усулчулук мааниде экенин айтты. «Путник» балдардын борборунун психологу Светлана Дербеневанын айтуусунда, “азыр зөөкүрчүлүккө, баскынчылыкка үгүттөгөн көп маалыматтар пайда болду.





Өспүрүмдөр интернеттен муш-таш, өлтүрүү, зордукчул тасмаларын чөнтөк телефондоруна көчүрүп алышкан. Эң коркунучтуусу, аларды туурап, өздөрү автордук сюжеттерди тартып жатат".

Жаш кылмышкерлер үчүн атайын мектептин директору Эмильбек Алымбаевдин тажрыйбасы боюнча, балдарга улуулар тарабынан зөөкүрчүлүк мамиле зордукчулдуктун дагы бир фактору.

Адистердин жана мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрүнүн IWPRге берген интервьюсунда, балдар арасындагы зордук-зомбулук чон көйгөй экенин бийлик гана эмес бүтүндөй коомчулук тааныганда гана чечилет.

«Мектептердеги рэкет менен күрөшүүдө мугалимдердин ролу абдан чоң. Өспүрүмдөрдүн иши боюнча инспекторлор, ата-эне, башка окуучулардын баары чогулуп киришкенде гана ийгиликтүү натыйжалар болот. Сабакка катышуу көзөмөлүн жүргүзүп, мектептеги тарбия-адеп ахлак иштерин күчөтүү керек»,-дейт инспектор Нурдин Омурбеков.

13-жашар өспүрүмдүн апасы, мугалимдер мектеп рэкетин активдүү жоготууга тырышпайт,деп наразы болууда.

«Менимче мугалимдер опузалоо учурларын жакшы билет, бирок ага көз жумуп коюшат. Анткени алар өзүнүн алсыздыгын билет жана башка окуучулардын арасында беделин түшүрүп коюудан коркушат», - дейт атын атагысы келбеген эне.

Мундузбаев мектепке тиркелген милиция кызматкерлеринин санын көбөйтүүнү сунуш кылат. Ал эми анын кесиптеши Омурбеков "ата-эне баласына көбүрөөк көңүл бурушу керек деген кеңеш берет. Анткени ата-эне өз иши менен алектенип, баласын тарбиялоого убакыт таппайт",-дейт ал.

Депутат Султаналиева бул ишке билим берүү жана ички иштер министрлиги гана кызыкдар болбостон ар бир адам катышуу керектигин айтты.
Азыр коом жок дегенде ал көйгөй экенин тааныганына ырахмат,-дейт эл өкүлү.

«Башкысы балдар рэкети бар экенин мурдагыдай көз жаздымда калтырбай, аны көйгөй экенин таанышып, жоготууга кандайдыр-бир чараларды колдоно башташты. Коом көйгөй бар экенин мойнуна алганы эле, бул жарым жеңиш»,-дейт Султаналиева.

# КАРЫЯЛАР ЖАШОО ҮЧҮН КҮРӨШӨТ

*Жарыбаган пенсия менен кичинекей айлык акы кары адамдардын суукта чала ток жашашынын себеби болууда.*

***Нафиса Писареджева, IWPRдин машыгууларын өткөн Тажикстандык журналист***

Бүгүнкү күндө Тажикстан Борбор Азиянын эң жакыр өлкөсү катары саналып, кары адамдарга татыктуу турмуш кепилдей албайт. Ал эми келечекте кырдаал дагы начарлашы мүмкүн,- дейт адисттер.

Алевтин 68 жашта, жалгыз турат. Анын акыркы пенсиясы эчак түгөнгөн. Ал эми кийинкисине дагы көп бар. Ачка калган күндөрү көп болот.

Анын күйөөсү жети жыл мурун көз жумган. Ал эми жалгыз уулу 1992-97 жылдардагы жарандык согушта курман болгон. Ал фамилиясын атоодон баш тартат. Анткени жакыр жашоосунан уялат.

Алевтина өмүр бою бухгалтер болуп иштеген. Апрдактуу эс алууга чыкканы дагы өз мекемесинде эки жыл иштеди. Азыр ал айына 64 сомони алат.( 15 доллардан ашпаган акча).

Күйөөсү өлгөндөн кийин анын жашоосу начарлап, үйдөгү буюмдарын арзан сатууга аргасыз болгон.

Жаш курагына карабастан кыйынчылык менен ашканага идиш жуугуч жана эмканага тазалык болуп эки жумушка орношту.

Анын пенсиясы менен эки айлыгы коомдук унаа менен чакан азык түлүк сатып алууга араң жетет. Кийимди көптөн бери сатып албай калган, жекшемби күндөрү базарга чыгып, эски кийимдерин сатууга аракет кылат.

«Көп акча болбосо да, ачка калбасмын, ооруп калсам эмканадагы дарыгерлер карап жаным калат»,-дейт ал.



Тажикстан – Борбор Азиянын эң жарды өлкөсү. Анын калкынын жарымынан көбү Дүйнөлүк банкы каттаган күнүнө 2 доллар сарптаган жакырчылык чегинен төмөн турат. Советтер Союзунун кулашынан кийин өлкө экономикалык каатчылыкты жана жарандык согушту башынан өткөрдү.

Андан бери кары жана аз камсыздалган адамдар жашоо денгээлинин төмөндөшү, пенсия жана жеңилдиктердин өлчөмүнүн аздыгынан, социалдык тейлөө жана саламаттыкты сактоо тутумунун начарлашынан жабыркашты.

Акыркы жылдары Тажикстан эмгекке жарамдуу жарандардын негизинен эркектердин өлкөдөн кетишин башынан өткөрдү. Алар үй-бүлө багабыз деп Казакстан Россияга жалданып иштеп кетти. Үйүнө жиберген акчалар көп үй-бүлөөнү ачарчылыктан сактап калганы менен, кары адамдарга түйшүк алып келди. Анткени жерди иштетүүгө киши табылбады. Андан башка үй-бүлөнүн салттуу тутуму бузулуп, улуу муун урмат-сыйдан суусап калды.

«Жаштардын негизги катмарынын миграциясына байланыштуу, айыл жергесинде кары адамдар жана аялдар гана калды», - дейт социолог Фируз Саидов.

Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөдө 549 миң улгайган адам катталган.

Бүгүнкү күндө минималдык пенсия өлкөдө 60 сомонини түзөт. (14 доллар). Ал эми максималдуу 300 сомони же 70 доллар. Бирок пенсия төлөп берүү мөөнөтүн кечиктирип таратышат. Эмгек министри Шукурджон Зухуровдун сөзү боюнча, пенсияны кечиктирип берүүнүн негизги себеби салык органдары тарабынан социалдык салыкты убагында чогултпагандыктан болууда.

Жалгыз бой жана аз камсыздалган кары адамдар газ жана электр жарыгына жеңилдик болуу үчүн пенсиясына кошумча акча алат. Андан башка калктын бул категориясы коммуналдык кызмат үчүн 50 пайыз жеңилдиги бар.

76-жашар Зинаида Гавриловна 22 доллар пенсиясына убагында кызмат кылган Энергетика Министрлигинен кошумча 11 доллар алат. Коммуналдык тейлөө, телефон, электр кубаттуулугу үчүн ал өз кирешесинин жарымын төлөйт.

«Кофе, колбаса, эт жөнүндө кыялданууга да болбойт», - деп кайгырат ардагер.

Дарыгерлерге да сейрек кайрылат, анткени дары-дармекке акчасы жок.

Улгайган адамдардын маселесин чечүүгө багытталган тажикстандык өкмөттүк эмес уюмдар, өкмөттү 2002 жылы 160 өлкө колдогон улгайуу маселелери боюнча БУУнун Баш-



кы ассамблеясынын Мадридде кабыл алынган эл аралык иш-аракет планынын кепилдемесине олуттуу көңүл бурууну талап кылышууда. Бул эл аралык келишим бийлик тарабынан улгайуу маселесин социалдык жана экономикалык анын ичинде жакырчылыкты жоюу стратерияларына киргизүүнү шарттайт.

HelpAge International уюмунун долбоорунун тажик кеңсесинин менеджери Захро Курбонбекова, өлкөдө демографиялык улгайуу маселеси курч болуп жатат, эмитен чара көрбөсө кийин кеч болот деп коңгуроо кагууда.

Азыркы учурда жакырчылыкты кыскартууга багытталган программаларда улгайган адамдар жөнүндө кеп болбойт. Адамдардын турмуш шартын оңоого өзүнчө бөлөк стратегия керек», - деп кошумчалады ал.

Өкмөт башчылары бул маселе бар экенин мойнуна алышат, бирок ардактуу эс алуудагы адамдардын пенсиясын көбөйтүүгө мамлекеттик казынада каражат жоктугуна шылтоолошот. Өзгөчө азыр, Тажикстан экономикалык каатчылыктан жабыркап жата.

«Мамлекет улгайган адамдарга мүмкүн болушунча жардам көрсөтүп жатат, ал эми азыркы учурда мамлдкеттин куаржылык мүмкүнчүлүгү чектелген», - деди Эмгек жана калкты социалдык жактан коргоо министрлигинин социалдык жактан коргоо башкармалыгынын жетекчиси Даврон Валиев.

Түзүлгөн кырдаалда жакынкы убакта пенсиянын көбөйүшү күтүлбөйт. Анын ою боюнча улгайган адамдарды социалдык жактан коргоонун приоритети пенсиялык тутумлу реформалоо жана социалдык тейлөо тутумун оңго салуу болуп саналат. Талкуулоого берилгин реформалар долбооруна жараша, жаңы пенсия тутуму иш берүүчүлөрдү пенсиялык салымынан, мамлекеттик казынадан, жана жарандардын пенсияга даректелген чогултуусунан түзүлөт.

Стратегиялык изилдөөлөр борборунун директорунун орун басары Сайфулло Сафаровдун пикиринде улгайган адамдарды колдоо стратегиясын кабыл алуу зарыл.

«Кары адамдарга тиешелүу мыйзамдар бар, бирок алар социалдык жана экономикалык укугун коргоонун бардык тармактарын камтыбайт», - деди ал.
Азырынча ӨэУ жана өкмөт улгайган адамдардын жашоо деңгээлин жогорулатуу ыкмаларын издеп жаткыча, карыялар татыктуу пенсия, азыктануу жана эс алуу мүмкүнчүлүктөрүнөн үмүтүн үзүп коюшту.

«Жаңы эле базарга барып тонумду сатып келдим. Эми кийинки пенсияга чейин ачка калбай жашасам болот», - дейт Алевтина.

# АБАКТА ОТУРУП ЭРКИНДИККЕ ЧЫККАН АЯЛДАР АРАСЫНДАГЫ ЖУМУШСУЗДУК МАСЕЛЕСИ

*Коомдун жакырчылыгы жана абактан чыгып келген аялдарга болгон мамиле ал аялдардын пеницетардык жайлардан чыгып кайрадан абакка отурушуна шарт түзүүдө.*

***Салимахон Вахобзаде, Душанбедеги «Народная газетасынын» корреспонденти.***

Роза – жашы кырктан ашып калган аял, ал тажик түрмөсүндө отурууга көнүп калган.

«Силерге балким, кызык көрүнөөр, бирок мен эркиндикке караганда абакта өзүмдү коопсуз сезем. Эн башкысы мен бул жерде чакан фабрикада мейманканалар үчүн шейшеп тигип иштеп жанымды багам», - IWPR менен болгон маегинде.

Роза Тажикстандын борбору Душанбеден 70 километр алыстыкта жайгашкан жалгыз аялдар үчүн колониясында экинчи ирет мөөнөтүн өткөрөт. Бангт заттарын алып жүргөндүгү үчүн алты жыл отуруп чыгып, эркиндикке чыкканы эки жылдан кийин бул жерге кайтып келди.

Анын айтымында колониядан чыгып жумуш таба албай, жергиликтүү бийликтен жардам албай койгон. Акыры кафеге идиш жуугуч болуп кирип, оор жумуштун айынан андан да чыгып кетүүгө аргасыз болгон.

Ал кафенин ээлери айлык акысын төлөп бербей койгонуна ызаланып, түн ичинде кайтып келип бир күндүк киреше катылган баштыкты уурдап кеткен.

«Эки мүнөт карбаластап турдум. Ичимдеги шайтан ал да, чурка деди. Мен эмнегедир аны угуп калдым», - деди ал. Аны биржумушчу байкап калган да, милиция кызматкерлерин чакырып келген. Милиция аны үйүно чейин аңдып барып, кармап алган.

Роза – колониядан чыкканы эркиндикке көнө албай койду. Розадай аялдар аз эмес. Алар дагы бир жолу кылмыш кылуудан баш тартпайт.
 Аялдар колониясынын башчыларынын бири IWPRге айтып бергендей, 2007 жылы акталып чыккан 291аялдын 60 кайрадан абакка түшүп калган. Ал эми мөөнөтүн толугу менен отуруп чыккан 30 аялдын үчтөн бир бөлүгү да мыйзам бузуп, абакка кайтып келген.

Тажикстандын Жогорку Сотунун төрайымы Лариса Кабилова, отуруп чыккан аял-эркек дебейли реабилитациялык программа жоктугунан кайрадан кылмыш жолуна түшүүгө аргасыз болот.

«Көптөрүн мөөнөтүнөн эрте бошотуп коюшат. Балким коомдогу кандайдыр бир себептер аялдарды колонияга кайтып келишине шарт түзөттүр. Же эркиндикте калса да республиканын жумушсуздарынын катарын толуктайт», - деди алар.

Абакта отуруп келген адамдардан кооптонуп, көпчүлүгү аларды жумушка да албай коет. Экономикалык каатчылыктын айынан Россиядагы мигранттар жумуштан кыскарып, үйүнө кайтып келүүгө аргасыз болушту. Бул тажик жумуш базарын ого бетер курчутту.

24-жашар Нилуфар Эл аралык аялдар күнүндө акталып эркиндикке чыгып, андан бери жумуш таба албайт. Ал баңгт зат ташыганы үчүн кармалып

8 жыл эркинен ажырап, 5 жылдан кийин бошотулган.

«Телефон компаниясындагы адисттерди тандоо боюнча менеджер менин кагаздарымды карап көрүп иш жоктугун билдирди. Мен супермаркетке да орношо албадым. Эми жашоом эмне болоорун кудай билет. Буйруп калса, мектепке пол жуугуч болуп кирет окшойм», - деди Нилуфар.

Каатчылыкка чейин эле Тажикстан Борбор Азиядагы эн жакыр өлкөлөрдүн бирине кирчи. Анын калкынын жарымынан көбү эле Дүйнөлүк Банк тарабынан күнүгө ар бир адамга 2 доллар сарптаган өлкөлөрдүн катарына кирет.

Аялдар жана Үй-бүлөө боюнча өкмөттүк Комитеттин төрайымы Хайринисо Юсуфи IWPRге берген интервьюсунда, абакка отуруп чыккан адамдардын ишке орношуу көйгөйлөрү жөнүндө мыкты билээрин айтып өттү.

«Биз биринчи ирээт көп балалуу энелерди жумушка орноштурууну максат кылабыз. Бул категорияга абактан чыгып, бизге жардам сурап кайрылган аялдар да кирет. Тилекке каршы бизге баары эле кайрыла бербейт. Акыркы жылдагы каатчылык аялдарды жумушка орноштуруудагы кырдаалды курчутту. Биздин кепилдемебиз боюнча көп ишкерлер мурда сунуштаган аз төлөнүүчү жумушту да азыр бербей калышты».

Өкмөттүк комитетерден башка Тажикстанда аялдар маселеси менен алектенген 400 мекеме бар. Бирок бири да абактан чыккан аялдардын маселесин чечүүнү максат кылбайт.

Баңги затын мыйзамсыз сатуу жумушу жок адамдарды азгырат. Аялдар баңги затын өткөрүүгө көп барат. Анткени контрабандисттер оюу боюнча аялдар эркектерге караганда көп шек келтирбейт.



Тажикстан жана Афганистандын ортосундагы чек ара тоолуу аймак начар кайтарылат. Ал героин ташууга жагымдуу жай болуп, кийин Россия менен Европага жөнөтүлүүгө мыкты шарт түзөт.

Адилет министрлигинин пенитенциардык мекемелердин башкармасынын орун басары Бахром Абдулхаков айткандай, абакта отургандардын көбү баңги затын колдонгону үчүн же мыйзамсыз ташыганы сатканы үчүн кармалган.

Башка кылмыштардын арасында адам менен соода кылгандар, сойкулук менен алектенгендер,уурулук кылгандар катталган.

Биринчи жолу 45 жаштагы Сабина баңги зат ташыганы үчүн кармалган, экинчи ирет сойкулук жана сойкулар үйүн уюштурганы үчүн камакка алынды. Эркиндикке чыгып, кылмыш тобуна жолугуп, уурулук үчүн үчүнчү мөөнөткө отуруп калды.

Ал колониянын сыртындагы жашоого көнбөй калганын айтып, актанат. Үй жайы жумушу жок, акча табууга мүмкүнчүлүгү жок. Ал өзүн коомдон куулган адам көрөт. Көчөлөрдү тазалап жүргөн милиция үчүн олжо болуп калды.

«Эркиндикте милиция кармап, сабап койбосун деп калчылдай берип тажадым. Мен 205 берене менен ( сойкулар үйүн кармоо) отурганымды билип калса, суракка алгандан кийин сөзсүз зордуктоого аракет кылышат», - дейт ал.

Розага окшоп Сабина да, “абакта отурганда тамак-аш, оорукана, турак-жай жөнүндө ойлобой көөнүм тынчып калат”,-дейт.

«Колонияда жакшы. Бул жерже эреже жана милдетиңди туура аткарсаң болду», - деди Сабина.

«Эркиндикке чыкканда мыйзам бузбай, жеңил акча издебей, жумуш издеп көрөм», - дейт дагы бир абактын туткуну Аноргуль.

Азыркы учурда аялдар колониясында 290го жакын адам мөөнөтүн өтөйт. Кезектеги актоо 4 ноябрда болгон. Бирок ага көп аял илинбей калды. Эркиндикте жумуш таап, жакшы жашап кеткенине көп ишене бербеген аялдар абакка кайтып келүү убакыттын иши деген ойдо.

# УКУК КОРГООЧУ БИР ЖЫЛГА АЗ ОТУРАТ

*Ташкенттеги апелляциялык сот өзбек укук коргоочусу Фарходхон Мухтаровга болгон өкүмдү жумшартты*



Фото: Өзбекстандын укук коргоочу Альянсы (www.pau-novosti.ucoz.ru)

3 декабрда Ташкенттин кылмыш иштери боюнча шаардык соту Өзбекстандын катталбаган укук коргоочу альянсынын мүчөсү Фархадхон Мухтаровдун иши боюнча апелляциясын карап чыкты. Сот андан мурунку өкүмдү жумшартып, укук коргоочуга төрт жыл мөөнөт берди.

Эки ай мурун Ташкенттин Юнус-Абад районунун кылмыш иштерин караштырган соту 41 жашар укук коргоочунун уюшулган топтун кызыкчылыгы үчүн паракорлук жана алдамчылыктан күнөөлөп беш жылга эркинен ажыраткан.

Фархадхон Мухтаров 2009 жылы 17 июлда камакка алынган. Ага чейин ал өзүнүн эки батирин сатып, кардарлардан салым катары акчанын бир бөлүгүн алып койгон.

Укук коргоочуга каршы кылмыш иши Ташкенттин тургуну Шаира Садыкбекованын арызынын негизинде козголгон. Анда айым үч жыл мурун Мухтаровго төрт миң америка долларын пара катары берип, сотто коомдук жактоочу болуп берүүсүн өтүнгөн.

Анын сөзү боюнча Мухтаров бул акчаны сотко өткөрүп бермек.

Мухтаров, 2009 жылдын жаз айларына чейин көп сот отурумдарында социалдык жактоочу катары катышкан. Андан башка пахта талааларында балдардын эмгегин колдонууга каршы көчо пикеттеринин катышуучусу болгон. Тергөө учурунда да, сотто да өз күнөөсүн мойнуна алган жок. Ал бийлик тарабынан ага каршы заказ аткарылып жатат деген оюн билдирди.

2009 жылдын 20 ноябрында Хьюман Райтс Вотч эл аралык укук коргоочу уюм укук коргоочунун ишин кайр акарап чыгууну талап кылды.

Ишти кайра карап чыгууда күнөөкөр тарабынан күбө Рано Азимова жана күнөөкөр да, бул иште документти бурмалоо болгонун айтты. Бирк биринчи сот ага көңүл бурган эмес.

«Арыздын ээси Садыкбекова Мухтаровго акчаны пара катары бербегенин мойнуна алган, андыктан паракорлукка күнөөлөчү берене далилденген эмес» - дейт Олег Сарапулов укук коргоочу Альянстын өкүлү.

# ТҮРКМӨНСТАНДА УКУК КОРГООЧУЛАР ҮЧҮН ОРУН ЖОК

***Борбор Азиядагы IWPRдин кызматкерлери.***



Обозреватели NBCАнын баяндамачылары миграция жөнүн-ө жаңы мыйзам Түркмөнстан жарандарынын ээн эркин кыймылдоосун чектейт деп кооптонушат.

2 декабрда президент Гурбангулы Бердымухаммедов Түркмөнстандын «Миграциялык кызматы жөнүндө» Мыйзамга кол койду.

Документ көп жанылыктарды чектейт. Мисалы, өз аскер кызматынын болгон жерде, тез мөөнөттөгү аскер кызматын өтөө, мурда чек арачылардын иши болгон өткөрүү түйүндөрүндө миграция кызматынын паспортук көзөмөлдөө.

Ашгабаттык юрист мыйзамдын 14чү беренесине көңүл бөлдү. Анда миграция кызматы ыкчам издөө иштерин аткара алат деп айтылган. Юристтин оюнда бул тармак укук коргоочу органдар жана коопсуздук кызматынын кол адында.

«Миграция кызматынын башка милдеттери бар. Бизде дагы күч колдонууч уоргандар пайда болдубу?» - деп таң калды юрист.

Мурун миграциялык органдарынын иши 2005 жылы кабыл алынган «Миграция жөнүндө мыйзамдын» мекеме ченемдик актылары менен жөнгө салынчы.

Чечмелөөчүлөрдүн айтымында азыркы учурда кызмат катаал иштеп, бийликтин оозеки буйругу боюнча Түркмөнстанда болгон чет өлкөлүк жарандарга каршы чектөөлөрду киргизип, жарандардын кыймылын көзөмөлго алып жатат.

«Миграциялык кызматтар адамдардын үстүнөн чексиз бийликке ээ. Алар “кара тизмелерди” түзүп ал жакка жакпай калган жарандарды жаза берет, - дейт Ашгабаттын тургуну. Ал бир нече жыл мурун тизмеге кирип, өлкөдөн чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн айрылган. Эмнеге андай кылганына эч качан жооп бербейт»,-деп наразы болууда тургун.

Адам укугу боюнча болгариялык Хельсин фондунун түркмөн чыгааны Таджигуль Бегмедова, миграциялык кызмат жаңы мыйзамды тажрыйбада колдонушу үчун иш стилин өзгөртүүсү керектигин айтты.

«Мыйзамда миграция кызматы ачык айкын кырдаалда иш жургүзүү керек деп айтылган, ал эми чындыгында тескерисинче болуп жатат, - деди Бегмедова. Башка белгиленген тарамда миграциялык мавеле боюнча укук бузду деп кармалып камакка алынган жарандар Миграция кызматынын кызматкерлеринен оз укугунун чектелиши жана эркиндиктен ажырашы жонүндо маалымат алышы керек деп жазылган. Бирок иш жүзүндө адамда чет өлкөгө эмне себептен чыга албагандыгы жөнүндө маалымат ала албай жатат».

Укук коргоочулардын маалыматы боюнча чет өлкөгө чыгууга укугу жок деген “кара тизмеге” он жети миңге жакын адам кирет. Алар: көз карандысыз журналисттер, жарандык демилгечилер, коомдук уюмдун мүчөлөрү, оппозициялык топтордун туугандары, дагы башка наразы болгон жарандар.

Кызмат иши же жеке иштери менен өлкөдөн чыгып кетүүнү каалаган адам чек ара көзөмөлүндө текшерилип, рейстен чыгарылат.

Былтыр жазында ошондой кырдаалга Кыргызстандын борбору Бишкекте жайгашкан Борбор Азиянын Америкалык Университетинин студенттери кабылган. Аларга эс алуудан кийин окууга чыгып кетүүгө тыюу салынган. Учуп кетүүго каршылык көрсөтүп, студенттердин укугун эмнеге бузганынын себеби азыркыга чейин такталган жок.

Баяндамачылар миграциялык кызматынын белгисиз себептер боюнча чектөөсүнө кабыл-

ган үй-бүлөөлөрдө жубайлар ажырашып кеткен.

«Көп учурларда кызмат өлкөдөн чыгууга берилген паспортту кайтарып бербей коет, же мөөнөтү өткүчө кармап туруп алат, анан убагында паспортту алган жоксуңар деп, адамды документсиз калтырышат», - дейт Ашгабаттык байкоочулардын бири.

Ошондой окуя бир ашгабаттык үй-бүлөөдө болгон. Анда мөөнөтү өткөн паспорт менен күйөөсү өз мекени Арменияга кайтарылып, ал эми аялы ийгиликсиз коп жылдан бери арызы менен бардык мекемелерге кайрылып чыкты.

«Бул жерге күйөөмдү киргизбей жатышат. Миграция кызматы, президенттик кеңеш (укук коргоо органдарына каршы арыздарды кабыл алууч упрезиденттик Комиссия) менин арыздарыма жооп жазбай, сот чечим кабыл альай жатат»,- деп даттанды айым.

Жаңы мыйзам миграциялык органдардын кызматын оптимизациялап, алардын ыйгарым укугун кагаз бетинде гана белгилейт. Бирок миграция кызматынын ишинде реалдуу өзгөрүүлөрдү күтүүго болбойт,- дейт чечмелөөчүлөр.

“Бизде мыкты мыйзамдар чыгат. Бирок аларды аткарган киши жок дейт” NBCАнын медиа баяндамачысы. Анын “бул мыйзам бизди шылдыңдоого эле түрткү болот” деген ою бар.











**Байланыш маалыматтары:**
Institute for war & peace reporting
48 Gray's Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



**IWPRдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш. , 720017
Тоголок Молдо көч, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70
Факс: + 996 312 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



**IWPRдин Казакстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Казах Республикасы,
Алматы ш., 050000
Казыбек би көч, 50
2-чи кабат, 84 кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazahstan@iwpr.net



**IWPRдин Тажикстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Тажикстан Республикасы,
Душанбе ш., 734003
Рудаки көч., 137 «Точикматлубот», 6 кабат
Тел.: + 992 372 247026
Тел./Факс: +992 372 247051
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

Макаланын мазмунуна IWPR толук жоопкерчиликти мойнуна алат жана ал Европа Шериктештигинин өлкөлөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.